**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика комитети**


Кыргыз Республикасынын
Улутстаткомунун
2011-ж. 9-сентябрындагы
№19-токтому менен
бекитилди


# Сапаттык жана техникалык мүнөздөмөлөрүн камтыган, товарлардын жана тейлөөлөрдүн спецификациясы боюнча бааларды каттоочулар үчүн

## к о л д о н м о

**Бишкек 2011**

# МАЗМУНУ


| | | Стр. |
|---|---|---|
| **Кириш сөз** | | **2** |
| **I.** | **Товарлардын жана тейлөөлөрдүн баалары жана тарифтери жөнүндө маалыматтарды чогултуу боюнча бааларды каттоочуулар үчүн нускама** | |
| 1.1 | Соода жана тейлөө чөйрөсүнүн базалык ишканаларын тандоо | 3 |
| 1.2 | Өкүл-товарларды жана тейлөөлөрдү тандоо | 5 |
| 1.3 | Байкоо мезгилин тандоо | 7 |
| 1.4 | Бааларды каттоо | 14 |
| 1.4.1 | Сезондук өкүл-товарларынын баасын каттоо | 16 |
| 1.4.2 | Товарлар менен тейлөөлөрдүн салыштырмалуулугу | 17 |
| 1.5 | Товарларды жана тейлөөлөрдү алмаштыруу | 17 |
| **II.** | **Бааларга жана тарифтерге байкоо жүргүзүү үчүн керектөө тобуна кирген товарлардын жана тейлөөлөрдүн спецификациясы** | **19** |
| 1-тиркеме. Негизги аныктамалар жана түшүнүктөр | | 84 |

## Кириш сөз

Бул Колдонмо кеңейтилген коллегиянын отурумунун 2010-ж. 6-февралындагы №4-«Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ишинин 2009-жылдын жыйынтыктары жана 2010-жылга карата милдеттери жөнүндө» чечимин жүзөгө ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын 8.7 пунктуна ылайык даярдалды. Анын методологиялык негизи болуп, «Керектөө бааларынын индекстери боюнча колдонмо: теория жана тажрыйба. МОТ/МВФ/ОЭСР/Евростат/ЕЭК ООН/Бүткүл дүйнөлүк банк, Вашингтон, МФВ, 2007-ж.» китебинин стандарттары жана сунуштары эсептелет.

Ушул документте товарлардын, тейлөөлөрдүн керектөө баалары жана тарифтери жөнүндө маалыматтарды чогултуу боюнча нускама көрсөтүлдү, ошондой эле, сапаттык жана техникалык мүнөздөмөлөрүн камтыган, товарлардын жана тейлөөлөрдүн спецификациясы берилди, мунун натыйжасында чөлкөмдөрдө сапаттары боюнча бирдей болгон товарлардын жана тейлөөлөрдүн тандап алынышын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Документ мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын кызматкерлеринин-бааларды каттоочулардын тажрыйбасында колдонуу үчүн багытталган.

# I. Товарлардын жана тейлөөлөрдүн баалары жана тарифтери жөнүндө маалыматтарды чогултуу боюнча бааларды каттоочуулар үчүн нускама

## 1.1. Соода жана тейлөө чөйрөсүнүн базалык ишканаларын тандоо

Ар бир соода түйүнүндө бааларды (тарифтерди) каттоо мүмкүнчүлүгү болбогондугунан жана каттоонун пайдасыздыгынан улам, товарлар менен тейлөөлөрдүн ар түрдүүлүгүнө байланыштуу, төмөнкүлөрдү тандап алуу зарыл:

- баалар (тарифтер) түздөн-түз каттала турган соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары;
- баалардын динамикасы байкала турган товарлар жана өкүл-тейлөөлөр.

Соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканаларын тандоо төмөнкүдөй жүргүзүлөт: керектөө бааларын (тарифтерин байкоо үчүн тандалган калктуу пункттун аймагында жайгашкан алардын бүт жыйындысынын ичинен тандалып алынат. Тандоонун негизи катары, ишканалардын статистикалык регистрлери, чекене соода жүгүртүү көлөмү тууралында мамлекеттик статистикалык отчеттуулуутун маалыматтары, бизнес маалымдамалар, каталогдор колдонушу мүмкүн.

Бааларды байкоо үчүн тандалган соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканалары *базалык* болуп саналып, аларда ар дайым керектөө баалары (тарифтери) катталып турат.

Мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын адистери, т.а. ар бир калктуу пунктта баалар боюнча маалыматтарды чогултуу үчүн жооптуу каттоочулар базалык ишканаларды тандашат. Мында жеке кызыкчылыкка таянып, соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканаларын тандоого жол бербестен, тандоо, бөлөк кызыктар тармактык бөлүмдөрүнүн адистери менен бирге жүргүзүлүшү керек (мисалы, керектөө рыногу жана тейлөө статистикасы бөлүмү менен). Тандалган ишканалардын тизмеси мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын жетекчилиги менен макулдашылып, Улутстатком тарабынан бекитилет.

Баалардын деңгээли жана алардын динамикасы тууралында анык маалымат алуу максатында бааларды каттоо үчүн соода ишканалардын тандалышы төмөнкүдөй жүргүзүлөт: бул тандоонун жыйынтыктары, мүмкүн болушунча сооданын так жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырышы керек. Бул үчүн, тандалма жыйындыга төмөнкү соода түйүндөрү кириши керек:

- шаардын ар кайсы райондорунда (шаардын борбор бөлүгүндө, турак жай массивдеринде, четтеринде) жайгашкан соода түйүндөрү;
- жүгүртүүнүн өлчөмү боюнча айырмаланган соода түйүндөрү – товарлардын жана тейлөөлөрдүн кеңири ассортименти бар ири ишканалар; товарлардын жана тейлөөлөрдүн бир же эки түрүн сатып өткөрүүчү орто жана чакан соода түйүндөрү; буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлар;
- менчиктин ар түрдүү формасындагы соода түйүндөрү (мамлекттик, жеке менчик ж.б.).

Тандоодо, ошондой эле, төмөнкү мүнөздөмөлөр эсепке алынышы керек:

- базалык ишканаларда товарлардын (тейлөөлөрдүн) тынымсыз сатылып турушу;
- тандалган соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканаларында сатылып жаткан товарлардын (тейлөөлөрдүн) бааларынын (тарифтеринин) деңгээлинин катардагы керектөөчү үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгү;

➢ баалардын каттоосун туруктуу жүргүзүүгө ишкананын даярдыгы.

Кийимдин эксклюзивдик моделдерин же саркеч бут кийимди саткан **салон-дүкөндөрдө (бутиктерде)** бааларды каттоого **сунуш берилбейт.** Анткени, баалардын деңгээли жогору болгондон тышкары, бул дүкөндөргө да товарлар, эреже катары, бир жолку партия менен жана чакан көлөмдө түшөт, алардын ассортименти туруктуу жаңыланып турат, ушундан улам сатылып турган товарлардын салыштырылып жаткан түрлөрүнүн бааларына байкоо жүргүзүүнү кыйла татаалдандат.

Мамлекеттик статистиканын аймактык органдары милдеттүү түрдө соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканаларынын ээлерине (жетекчилигине) - алардын ишканасын баалар жөнүндө маалыматтарды чогултуу боюнча изилдөөгө киргизүү тууралуу жана маалыматтын купуялуулугун сактоого кепилдик берүү тууралуу маалымдама берүү керек.

Ишканалардын саны төмөнкү эсеп менен тандоого алынат: керектөө тобунун ичиндеги товарлардын (тейлөөлөрдүн) ар бир түрү боюнча ***Бишкек шаарында сооданын (тейлөө чөйрөсүнүн) 5 ишканасынан аз эмес жана изилденип жаткан калган калктуу пункттарында 3 ишканасынан аз эмес*** байкоого киргизилиши керек.

Ошондой эле, кандайдыр бир объективдик зарылдык боюнча базалык ишканаларды алмаштыруу үчүн, базалык ишканаларда болгон товарларга (тейлөөлөргө) шайкеш келген товарлардын ассортиментин, баалардын деңгээлин, аларды сатуу шарттарын камтыган, соода жана тейлөө чөйрөсүнүн экинчи ишканаларын алдын ала тандап коюу сунушталат.

**Базалык ишкана башка ишканага төмөнкү шарттар пайда болгон учурда алмаштырылат**:

- байкоо жүргүзүлүп жаткан ишкана узак мөөнөткө (6 айга) жабылганда же жоюулганда;
- эгерде бааларды (тарифтерди) каттоо учурунда, базалык ишканада мурдагы каттоо убагындай эле, ушул эле өкүл-товардын (тейлөөнүн) да баасын каттоого мүмкүнчүлүк болбой калганда (мисалы, товар сатууда жок, базалык ишкана убактылуу иштебейт ж.б.).

Мындай учурда, базалык ишкана кыска мөөнөттүн (2-3 айдын) ичинде башка (экинчи) ишканага алмаштырылат, муну менен бирге алгачкы тандалган базалык ишкана байкалып жаткан ишканалардын тизмесинде сакталып калат. Базалык ишканада товар (тейлөө) узак мөөнөткө чейин жок болсо, анда экинчи жолу кошумча тандалып алынган ишканада туруктуу байкоо жүргүзүлүп турат. Мында, кошумча тандалып алынган (экинчи) ишкананын мурда байкалып жүргөн базалык ишкана менен бир түрдүүлүгү сөзсүз сакталышы керек, тактап айтканда, бул ишканаларда товарларды (тейлөөлөрдү) сатуу шарттары бири-бирине шайкеш келиши зарыл, ошондой эле бир товарга (тейлөөгө) болгон баалардын деңгээлин бири-бирине салыштыруу үчүн мүмкүндүк болушу керек.

Сезондук товарлар боюнча базалык ишкана сакталышы мүмкүн, эгерде мындан да узак (6 ай жана андан ашык) мөөнөттүн ичинде байкалып жаткан товар жок болуп калса.

Мүмкүн болушунча, базалык ишканаларды жылына бир жолудан көп эмес алмаштыруу керек.

Мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын адистери-каттоочулар тарабынан тандалган базалык ишканалардын негизинде алардын ***тизмесин (каталогун)*** түзүү керек, буга базалык ишканалардын толук аталыштары, даректери, телефондору, бул ишканаларда катталып жаткан товарлардын (тейлөөлөрдүн) аталыштары, баалары (тарифтери) кирет. Рыноктордо (базарларда) байкоого алынган соода түйүндөрүн бирдейлештирүү үчүн, каталогдо базардын аталышы жана жайгашкан жери, ошондой эле соода катарынын номери жана орду, байкалып жаткан товарлардын аталышы жана мүмкүн болсо, ишкердин аты-жөнү көрсөтүлөт.

Базалык ишканалардын тизмелерин бекитүү үчүн, алар жыл сайын (декабрда) Улутстаткомго тапшырылат.

## 1.2. Өкүл-товарларды жана тейлөөлөрдү тандоо

Бааларды каттоо үчүн товарларды (өкүл-тейлөөлөрдү) тандап алуу – туура багытталган тандоо ыкмасы аркылуу этап-этабы менен ишке ашырылат.

Республиканын бардык чөлкөмдөрү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан калктын эң көп керектелген товарлардын (тейлөөлөрдүн) тизмеси бекитилип, анын негизинде бааларга байкоо жүргүзүлүп, керектөө бааларынын индекси эсептелет.

Түзүмү жагынан алганда, бул тизме, т.а. *керектөө товарларынын жана тейлөөлөрүнүн тобу* өзүнө товарлардын (тейлөөлөрдүн) ирилештирилген түрлөрүн - 369 товардык чакан топторун камтыйт, анын ар бири өз алдынча конкреттүү өкүл-товарларга (тейлөөлөргө) бөлүнөт.

*Өкүл-товар* - товардык топтун ичинде товардын бир түрүнүн жыйындысы, алар бири-биринен маанилүү эмес мүнөздөмөлөр (бөлүктөр) менен гана айырмаланышы мүмкүн, бул өзгөчөлүктөр негизги керектөө сапаттарына таасир тийгизишпейт, бирок, алар өзүнүн керектөө багыты боюнча бирдей болушу керек.

Мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын адистери-каттоочулар керектөө бааларына байкоо жүргүзүүгө катышкан ар бир калктуу пунктта базалык ишканалардын жумушчулары (сатуучулары) менен бирге товарлардын (тейлөөлөрдүн) ар бир ирилештирилген түрү боюнча сатылып жаткан товардын ушул түрүнүн ассортиментинин ичинен алардын конкреттүү түрлөрүн тандашат. Тандалган товарлардын (тейлөөлөрдүн) бааларынын деңгээлине жана динамикасына байкоо жүргүзүлөт.

Товарлардын ассортиментин тандоо учурунда каттоочу, божомолдор боюнча, узак мезгилге чейин сатыла турган товарларды тандоо керек.

Баалар жөнүндө маалыматты чогултуу максатында тандалган өкүл-товарлардын (тейлөөлөрдүн) ассортименти каттоочунун жеке артыкчылыктарын эмес, калкка мүнүздүү болгон керектөөнү чагылдырышы керек.

Керектөө тобуна кирген товарлардын (тейлөөлөрдүн) ар бир түрү боюнча ***окүл-товарлардын (тейлоолордүн) 5тен аз эмес (10го чейин) түрү*** тандалышы керек, бул товарлар (тейлөөлөр) өзүнүн бүт жыйындысын чагылдырып, эң маанилүү түрлөр болушу керек. Товарлардын (тейлөөлөрдүн) айрым түрлөрү (электр энергиясы, ысык суу, борбордук жылытуу, шаардык муниципалдык транспорт, байланыш тейлөөлөрү ж.б.у.с.) бул топко киргизилбейт, анткени аларга бирдей баалар жана тарифтер бекитилген.

Бир соода ишканасында бир гана өкүл-товардын ассортименттик түрүн тандоо зарыл. Эгерде байкоо жүргүзүлүп жаткан калктуу пунктунда дүкөндөрдүн саны аз болсо, анда бир соода ишканасында товарлардын 2 ассортименттик түрүн, же бир базарда 2 соода орунун (контейнерди) тандоого уруксат берилет.

Өкүл-товарды (тейлөөнү) бирдейлештирүү максатында, спецификация иштелип чыгат. *Спецификация* – конкреттүү товарды (тейлөөнү) тигил же бул товардык тобуна киргизүүгө мүмкүндүк берүүчү, анын жалпыланган керектөө мүнөздөмөлөрүн чагылдыруучу баян.

Кыргыз Республикасынын Улутстаткому тарабынан керектөө жыйымынын ар бир товардык тобу үчүн өзүнчө спецификациясы иштелип чыкты, бул спецификация өзүнө керектөө сапаттарынын жеткиликтүү түрдөгү жалпыланган баяндамасын камтып, ар кайсы чөлкөмдөрүнүн каттоочулары үчүн бирдиктүү багыт катары кызмат көрсөтөт. Бул спецификация ушул Колдонмонун экинчи бөлүгүндө келтирилди.

Тандалган конкреттүү товарларга, өз кезегинде, каттоочулар тарабынан кеңири спецификация түзүлөт, мында товардын (тейлөөнүн) так сапаттык жана техникалык өзгөчөлүктөрү: товардын аталышы, өндүрүүчү өлкө, соода фирмасы, сорту, өлчөмү ж.б. сапаттары камтылат. Бул мүнөздөмөлөр сөзсүз жумушчу дептерге жазылат, мунун натыйжасында байкалып жаткан товарды мындан ары башка түрлөрдөн бөлүп, бир эле соода түйүнүндө бирдейлешкен товарлардын жана тейлөөлөрдүн бааларын ар башка мезгилдерде ырааттуулук менен каттоого мүмкүндүк түзүлөт.

Товарды сатуу ыкмасы, тактап айтканда, товар - салмагына жараша, же таңгактоо менен же дааналап сатылганы милдеттүү түрдө катталышы керек жана мындан кийинки изилдөөлөрдүн жүрүшүндө товардын ушул тандалган вариантына токтолуу зарыл.

Конкреттүү өкүл-товарларды (тейлөөлөрдү) тандоо учурунда каттоочулар калктын бул товарларга (тейлөөлөргө) болгон суроо талабын эске алуу керек, ошондой эле базалык ишканада аларды сатуунун туруктуулугуна көңүл буруу зарыл.

Төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда сатылып жаткан товарларды байкоого киргизүүгө **сунуш кылынбайт**:

- кыска мөөнөттүк сатуу учурунда (акция жүргүзүлүп жатканда);
- жеңилдетилген баалар боюнча калктын айрым категорияларына сатылып жатканда;
- дүң соода менен сатылганда (мешок менен);
- бутиктерде жана башка эксклюзивдик соода түйүндөрүндө сатылганда.

Кийимдин жана бут кийимдин айрым түрлөрүнүн бааларына байкоо жүргүзүү үчүн тандоодо саркеч товарларды эмес, салттуу моделдерди тандоо керек, анткени аларга узак мөөнөткө чейин байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар.

Биздин мекенибизде өндүрүлгөн товарлардай эле, КМШ өлкөлөрүндө жана алыскы чет өлкөлөрдө өндүрүлгөн импорттук товарлар деле байкоого алынышы керек.

Бааларга байкоо жүргүзүү үчүн тандалган калктуу пункттарда Кыргыз Республикасынын Улутстаткому тарабынан бекитилген, керектөө тобуна кирген товарлардын жана тейлөөлөрдүн бүт тизмеси боюнча бааларды жана тарифтерди чогултууга аракет кылуу керек.

## 1.3. Байкоо мезгилин тандоо

Керектөө баалар жана тарифтер ай сайын катталып турат.

*Азык-түлүк товарларынын* баалары бир айдын ичинде апталык негизде байкоого алынат.

*Азык түлүк эмес товарлардын* жана *калкка көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн* баалары жана тарифтери бир айдын ичинде 1-2 жолу катталат.

Бирок, керектөө бааларынын индексине жума сайын мониторинг жүргүзүү учурунда, бир аптанын ичинде шашылыш иретинде катталган маалыматты айлык негизде эсептелген керектөө бааларынын индексине шайкеш келтирүү зарылдыгы пайда болууда.

Буга байланыштуу азык түлүк эмес товарлардын жана тейлөөлөрдүн бааларынын катталышын бир айдын ичинде төмөнкү иретте бөлүштүрүү зарыл.

**Айдын биринчи жумасында** - тейлөө, электр энергиясы, газ, суу, эмерек, ири жана кичи тиричилик приборлор, автомобилдер, велосипеддер, телевизорлордун бааларын жана тарифтерин каттоо сунушталат:

| *Тейлөөлөр* | |
|---|---|
| 03.1.4.0.175 | Эркектердин костюмун тигүү |
| 03.1.4.0.176 | Шым тигүү |
| 03.1.4.0.177 | Аялдардын көйнөгүн тигүү |
| 03.1.4.0.178 | Эркектердин костюмун химиялык тазалоо |
| 03.1.4.0.361 | Эркектердин шымын оңдоо |
| 03.2.2.0.198 | Такага кагылгыч каптоо |
| 04.1.1.0.199 | Коммуналдык тейлөөлөр |
| 04.3.2.0.365 | Сырдоочу иштер |
| 04.3.2.0.366 | Жайлардын ички дубалдарын кафель плиткасы менен каптоо |
| 05.3.3.0.240 | Муздаткычтарды оңдотуу |
| 06.2.1.0.266 | Терапевт-дарыгердин алгачкы кабыл алуусу |
| 06.2.2.0.376 | Стоматолог тарабынан бейтапты алгачкы кароо |
| 06.2.2.0.377 | Чектелген оорутпоо менен тиш жулдуруу |
| 06.2.2.0.268 | Кариести дарылоо |
| 06.2.2.0.378 | Бөйрөктү жана бөйрөктүн үстүндөгү органдарды ультра үндүү изилдөө |
| 06.2.2.0.379 | Кандын жалпы анализи |
| 07.2.3.0.380 | Инжекторду (форсунканы) жууп тазалоо |

| *Тейлөөлөр* | |
|---|---|
| 10.1.0.0.315 | Мектепке чейинки мамлекеттик (ведомстволук) балдар мекемесине баруу |
| 10.1.0.0.316 | Мектепке чейинки муниципалдык балдар мекемесине баруу |
| 10.2.0.0.317 | Атайын орто окуу жайларында окутуу |
| 10.4.0.0.318 | Жогорку окуу жайларында окутуу |
| 11.1.1.0.320 | Чайканадагы чай |
| 11.1.1.0.319 | Күндүз, заказ боюнча ресторанда түшкү тамактануу |
| 11.1.2.0.321 | Ашканада, жеңил тамактануучу жайда түшкү тамактануу |
| 11.2.0.0.322 | Мейманканада жашоо |
| 11.2.0.0.323 | Санаторий, эс алуу үйү |
| 11.2.0.0.324 | Туристтик барып-келүү |
| 12.1.1.0.325 | Аялдар залында моделдуу чач кыркуу |
| 12.1.1.0.326 | Эркектер залында чач кыркуу |

| | |
|---|---|
| 07.2.3.0.381 | ГБМ (газды бөлүштүрүүчү механизмдин) кайыш боосун алмаштыруу |
| 07.3.1.0.277 | Жергиликтүү жана шаар тегерегиндеги каттам боюнча поездде жол жүрүү |
| 07.3.1.0.278 | Жакынкы каттам боюнча поезддин купе вагонунда жол жүрүү |
| 07.3.1.0.279 | Алыскы каттам боюнча поезддин купе вагонунда жол жүрүү |
| 07.3.2.0.382 | Шаардык муниципалдык автобус менен жол жүрүү |
| 07.3.2.0.383 | Маршруттук такси менен жол жүрүү |
| 07.3.2.0.384 | Троллейбус менен жол жүрүү |
| 07.3.2.0.281 | Такси менен жол жүрүү |
| 07.3.2.0.282 | Республиканын ичинде шаар аралык автобуста 35 км жол жүрүү |
| 07.3.2.0.283 | Республиканын ичинде шаар аралык автобуста 100 км жол жүрүү |
| 07.3.2.0.344 | Жакынкы чет өлкөлөргө автобус менен жол жүрүү |
| 07.3.2.0.345 | Алыскы чет өлкөлөргө автобус менен жол жүрүү |
| 07.3.3.0.284 | Ички рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда учуу |
| 07.3.3.0.285 | Эл аралык рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда жакынкы чет өлкөлөргө учуу |
| 07.3.3.0.346 | Эл аралык рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда алыскы чет өлкөлөргө учуу |
| 08.1.0.0.286 | Республиканын ичинде катты жеткирүү |
| 08.1.0.0.287 | Алыскы чет өлкөлөргө катты жеткирүү, АВИА кошо |
| 08.3.0.0.288 | Телефон менен пайдалануу үчүн абоненттик акы |
| 08.3.0.0.289 | Республиканын чегинде автоматтык терүү аркылуу шаар аралык сүйлөшүүлөр |

| | |
|---|---|
| 12.1.1.0.327 | Мончонун жалпы пайдалануучу залында жууну |
| 12.7.0.0.341 | Нотариалдык конторада менчиктүү мүлкүн алып коюу келишимдерди күбөлөндүрүү |
| 12.7.0.0.342 | Нотариалдык конторада менчиктүү мүлктү белекке берүүнү күбөлөндүрүү |
| 12.7.0.0.343 | Мүрзөнү кол менен казуу |
| *Электр энергиясы, газ, суу* | |
| 04.4.1.0.206 | Муздак суу |
| 04.5.1.0.207 | Электр энергиясы |
| 04.5.2.0.208 | Жаратылыш газ |
| 04.5.2.0.209 | Суюлтулган газ |
| 04.5.5.0.212 | Ысык суу |
| 04.5.5.0.213 | Жылытуу (көмүр, газ) |
| *Эмерек* | |
| 05.1.1.0.214 | Жумшак олтургучу бар стул |
| 05.1.1.0.215 | Стулдары менен ашканалык жумушчу үстөл |
| 05.1.1.0.216 | Тамактануу үчүн үстөл |
| 05.1.1.0.217 | Көйнөктөр жана шейшептер үчүн шкаф |
| 05.1.1.0.218 | Керебет |
| 05.1.1.0.219 | Баланын керебети |
| 05.1.1.0.220 | Жумшак эмерек тобу |
| 05.1.1.0.221 | Корпустук эмерек тобу |
| *Ири жана кичи турмуш-тиричилик приборлор* | |
| 05.3.1.1.233 | Эки камералуу муздаткыч |
| 05.3.1.2.234 | Автоматтык кир жуугуч машина |
| 05.3.1.3.235 | Чаң соргуч |
| 05.3.1.3.236 | Көтөрүп жүрмө тигүүчү машина |

| | |
|---|---|
| 08.3.0.0.290 | КМШ өлкөлөрү менен автоматтык терүү аркылуу эл аралык сүйлөшүүлөр |
| 08.3.0.0.291 | Республиканын ичинде жөнөкөй телеграмма жиберүү |
| 08.3.0.0.1.347 | Уюлдук байланыш боюнча жергиликтүү кошулуу |
| 09.1.5.0.299 | Теле-, радиоаппаратураны ондоо |
| 09.3.5.0.348 | Жаныбарларды эмдөө |
| 09.4.2.0.304 | Кинотеатр |
| 09.4.2.0.305 | Театр |
| 09.4.2.0.306 | Документтер үчүн сүрөткө тартуу |
| 09.4.2.0.347 | Компьютердик оюндар |

| | |
|---|---|
| 05.3.1.3.237 | Турмуш-тиричилик газ плита |
| 05.3.1.3.368 | Турмуш-тиричилик электр плита |
| 05.3.2.0.238 | Электр үтүгү |
| 05.3.2.0.239 | Электр чайнеги |
| 09.1.1.0.293 | Түстүү телевизор |
| **07.1.1.0.269** | **Жаңы жеңил автомобиль** |
| **07.1.3.0.270** | **Чоң адамдар үчүн жол велосипеди** |

**Айдын экинчи жумасында** – кийимдин бааларын, кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийим, кийимдин башка бөлүктөрүнүн жана ага тийиштүү буюмдарынын бааларын каттоо:

| *Кийим тигүү үчүн материалдар* | |
|---|---|
| 03.1.1.0.114 | Көйнөк үчүн пахта кездемеси |
| 03.1.1.0.115 | Көйнөк үчүн жасалма жибек кездемеси |
| 03.1.1.0.116 | Жүндөн жана жарым-жартылай жүндөн жасалган костюмдук кездеме |
| *Кийим* | |
| 03.1.2.1.117 | Эркектердин демисезондук пальтосу |
| 03.1.2.1.118 | Плащ, эркектердин демисезондук курткасы |
| 03.1.2.1.119 | Эркектердин костюм-шымы |
| 03.1.2.1.120 | Эркектердин шымы |
| 03.1.2.1.121 | Джинсы кездемеден тигилген эркектердин шымы |
| 03.1.2.1.122 | Эркектердин көйнөгү, узун жендүү |
| 03.1.2.1.123 | Спорттук көйнөк, пахта кездемеден тигилген, эркектердин футболкасы |
| 03.1.2.1.124 | Эркектердин жарым-жартылай жүндүү свитери, джемпери, пуловери |
| 03.1.2.1.126 | Эркектердин спорттук костюму |
| 03.1.2.1.128 | Пахта буласынан кыска байпак |

| *Кийим* | |
|---|---|
| 03.1.2.3.164 | Балдар үчүн кыска байпак |
| 03.1.2.3.165 | Балдар үчүн гольфы |
| 03.1.2.3.166 | Балдар үчүн жарым-жартылай жүндөн джемпер, свитер, пуловер |
| 03.1.2.3.167 | Мектеп курагына чейинки кыздардын жайкы көйнөгү |
| 03.1.2.3.168 | Мектеп курагындагы кыздар үчүн жарым-жартылай жүн же аралашма кездемеден көйнөк |
| 03.1.2.3.169 | Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн аралашма же синтетика кездемеден тигилген, ичилиги бар, жылуулукталган комбинезон (костюм) |
| 03.1.2.3.170 | Пахта трикотаж болотнайдан ползунки |
| *Кийимдин башка буюмдары жана кийимге тиешелүү бөлүктөр* | |
| 03.1.2.1.132 | Жарым-жартылай жүндөн жасалган, эркектердин шарфы |
| 03.1.2.1.133 | Норкадан жасалган, эркектердин тери баш кийими |

| | |
|---|---|
| 03.1.2.1.129 | Аралашма буладан кыска байпак |
| 03.1.2.1.130 | Эркектер үчүн майка |
| 03.1.2.1.131 | Эркектер үчүн трусы |
| 03.1.2.2.134 | Жүн кездемеден же жарым-жартылай жүн кездемеден жасалган, аялдардын кышкы пальтосу |
| 03.1.2.2.135 | Аялдар үчүн плащ |
| 03.1.2.2.136 | Жарым-жартылай жүн кездемеден тигилген, аялдардын костюм-юбкасы же костюм-шымы |
| 03.1.2.2.137 | Трикотаж болотнайдан тигилген, аялдардын костюм-юбкасы же костюм-шымы |
| 03.1.2.2.138 | Жарым-жартылай жүн кездемеден же трикотаж болотнайдан тигилген, аялдардын юбкасы |
| 03.1.2.2.360 | Аралашма кездемеден тигилген, аялдардын шымы |
| 03.1.2.2.139 | Аялдардын блузкасы |
| 03.1.2.2.140 | Жарым-жартылай жүн кездемеден тигилген аялдардын көйнөгү |
| 03.1.2.2.141 | Пахта кездемеден тигилген аялдардын жайкы көйнөгү |
| 03.1.2.2.142 | Пахта кездемеден тигилген аялдардын халаты |
| 03.1.2.2.143 | Аялдардын свитери, джемпери, пуловери |
| 03.1.2.2.145 | Аялдардын колготкасы |
| 03.1.2.2.146 | Эмчек тарткыч |
| 03.1.2.2.147 | Аялдар үчүн трусы |
| 03.1.2.2.149 | Аялдардын түнкү көйнөгү |
| 03.1.2.3.153 | Аралашма кездемелерден тигилген, балдар үчүн кышкы куртка, үстү менен |
| 03.1.2.3.154 | Балдардын шымы |
| 03.1.2.3.155 | Джинсы кездемеден тигилген балдардын шымы |
| 03.1.2.3.156 | Жеңил трикотаж болотнайдан тигилген, балдардын шортысы |
| 03.1.2.3.157 | Плащтык кездемеден тигилген, балдар үчүн демисезондук куртка, үстү менен |
| 03.1.2.2.150 | Жүн кездемеден жасалган баш жоолук |
| 03.1.2.2.151 | Аялдардын трикотаж шарфы |
| 03.1.2.2.152 | Норкадан жасалган, аялдардын тери баш кийими |
| 03.1.3.0.171 | Пахта буладан жасалган тигүү жиби |
| 03.1.3.0.172 | Жүн буласы |
| 03.1.3.0.173 | Сыдырма |
| 03.1.3.0.174 | Галстук |
| *Бут кийим* | |
| 03.2.1.1.179 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, эркектердин кышкы өтүгү, ботинкасы |
| 03.2.1.1.180 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, эркектердин туфлиси |
| 03.2.1.1.181 | Эркектердин жайкы туфлиси |
| 03.2.1.1.183 | Үстү булгаарыны алмаштыруучу материалдан жасалган, чоң адамдар үчүн кроссовка-туфли |
| 03.2.1.2.184 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, аялдардын кышкы өтүгү |
| 03.2.1.2.185 | Жасалма булгаарыдан жасалган, аялдардын күзгү өтүгү |
| 03.2.1.2.186 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, аялдардын моделдүү туфлиси |
| 03.2.1.2.187 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, такасы жапыз, аялдардын жабык туфлиси |
| 03.2.1.2.188 | Аялдардын жеңил туфлиси |
| 03.2.1.2.189 | Улуттук бут кийим, маасы |
| 03.2.1.2.362 | Чоң адамдар үчү галош |
| 03.2.1.2.190 | Үйдөгү бут кийим, үстү текстиль, чоң адамдар үчүн |
| 03.2.1.3.191 | Үстү накта булгаарыдан жасалган, мектеп курагындагы балдар үчүн өтүк |
| 03.2.1.3.193 | Балдардын күзгү туфлиси |

| | |
|---|---|
| 03.1.2.3.158 | Балдар үчүн костюм |
| 03.1.2.3.159 | Мектеп курагындагы балдар үчүн спорттук костюм |
| 03.1.2.3.160 | Пахта кездемеден футболка |
| 03.1.2.3.161 | Мектеп курагындагы балдар үчүн сырткы көйнөк |
| 03.1.2.3.162 | Балдар үчүн трусы |
| 03.1.2.3.163 | Балдар үчүн колготки |

| | |
|---|---|
| 03.2.1.3.194 | Балдардын жайкы туфлиси, сандалеталары |
| 03.2.1.3.195 | Үстү булгаарыны алмаштыруучу материалдан жасалган, балдар үчүн кроссовка-туфли |
| 03.2.1.3.196 | Балдар үчүн, үстү текстилден жасалган үйдөгү бут кийим |
| 03.2.1.3.197 | Мектепке чейинки балдар үчүн, ичи жылуулукталган ботинка, кыска ботинка |

**Айдын үчүнчү жумасында** – турак жайларды кезектеги күтүү жана оңдоо үчүн материалдар, катуу отун, фармацевтикалык продукция, жеке транспорттук каражаттарынын запастык бөлүктөрүнүн жана шаймандарынын бааларын каттоо.

Үчүнчү жумада, ошондой эле, азык-түлүк товарларынын айрым түрлөрүнүн: кургатылган жемиш жана жаңгак, консервалар, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки, алкоголсуз суусундуктардын бааларын каттоо керек.

| *Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана оңдоо үчүн материалдар* | |
|---|---|
| 04.3.1.0.200 | Кирпич |
| 04.3.1.0.201 | Дубалга чаптагыч |
| 04.3.1.0.202 | Жыгач материалдары |
| 04.3.1.0.203 | Цемент |
| 04.3.1.0.204 | Майлуу боёк, эмаль |
| 04.3.1.0.205 | Терезе айнектин тилкеси |
| 04.3.1.0.4.355 | Курулуш куму |
| 04.3.1.0.363 | Шифер |
| 04.3.1.0.364 | Керамикалык плитка |
| 05.1.2.0.226 | Линолеум |
| *Фармацевтика продукциясы* | |
| 06.1.1.0.255 | Ампициллина тригидрат |
| 06.1.1.0.256 | Феноксиметилпенициллин |
| 06.1.1.0.257 | Минералсыз поливитаминдер |
| 06.1.1.0.372 | Нитроглицерин |
| 06.1.1.0.373 | Валидол |
| 06.1.1.0.374 | Корвалол, тамчылар |
| 06.1.1.0.375 | Раунатин |

| *Катуу отун* | |
|---|---|
| 04.5.4.0.210 | Көмүр |
| 04.5.4.0.211 | Жыгач отун |
| *Кургатылган жемиш жана жаңгак* | |
| 01.1.6.2.61 | Кургатылган жүзүм |
| 01.1.6.2.62 | Кургатылган алма |
| 01.1.6.2.63 | Курага |
| 01.1.6.2.64 | Грек жаңгагы |
| *Консервалар* | |
| 01.1.3.4.32 | Накта балык консервалар жана май кошулган консервалар |
| 01.1.7.4.80 | Томат паста |
| 01.1.7.4.81 | Консерваланган жашыл буурчак |
| 01.1.2.6.22 | Демтеп бышырылган, консерваланган уйдун эти |
| *Алкоголсуз суусундуктар, шире* | |
| 01.2.2.0.103 | Минералдык суу |
| 01.2.2.0.104 | Газдаштырылган суу |

| | |
|---|---|
| 06.1.1.0.259 | Ацетилсалицил кычкылтеги (Аспирин) |
| 06.1.1.0.260 | Парацетамол |
| 06.1.1.0.261 | Метамизол натрий (Анальгин) |
| 06.1.1.0.262 | Вишневскийдин майы |
| 06.1.2.0.263 | Медициналык лейкопластырь (бир тоголок) |
| 06.1.2.0.264 | Гигроскопиялык кебез |
| 06.1.3.0.265 | Көз айнектер үчүн айнек линзалары |
| *Жеке транспорттук каражаттардын запастык тетиктери жана шаймандары* | |
| 07.2.1.0.271 | Жеңил автомобиль үчүн дөңгөлөк |

| | |
|---|---|
| 01.1.6.3.65 | Жемиш ширеси |
| *Алкоголдук ичимдиктер* | |
| 02.1.1.0.105 | 40 градустук арак |
| 02.1.1.0.106 | Коньяк, биздин өлкөдө чыгарылган |
| 02.1.2.0.107 | Кызыл шарап |
| 02.1.2.0.108 | Ак шарап |
| 02.1.2.0.109 | Биздин өлкөдө чыгарылган көбүктүү шарап |
| 02.1.3.0.110 | Пиво, бөтөлкөдө |
| 02.1.3.0.111 | Пиво, банкада |
| *Тамеки* | |
| 02.2.0.0.112 | Сигарета, фильтр менен |
| 02.2.0.0.113 | Сигарета, фильтрсиз, папироса |

**Айдын төртүнчү жумасында** – үй тиричилик буюмдары, килем, тиричилик текстиль буюмдары, айнектен жасалган буюмдар, ашканалык приборлор, инструменттердин бааларын каттоо.

| | |
|---|---|
| *Турмуш-тиричилик буюмдар* | |
| 05.1.1.0.222 | Люстра |
| *Пол үчүн килем* | |
| 05.1.2.0.223 | Жүндөн, жарым-жартылай жүндөн килем |
| 05.1.2.0.224 | Синтетикалык палас |
| 05.1.2.0.225 | Килем дорожкасы |
| *Турмуш-тиричилик текстиль буюмдары* | |
| 05.2.0.0.227 | Жаздык |
| 05.2.0.0.228 | Шырылган жууркан |
| 05.2.0.0.229 | Пахта кездемеден тигилген шейшеп |
| 05.2.0.0.230 | Пахта кездемеден тигилген жууркан шейшеп |
| 05.2.0.0.231 | Дасторкон |
| 05.2.0.0.232 | Тюль, гардина болотнайы |
| 05.2.0.0.367 | Мончо сүлгүсү |
| *Айнек буюмдары, ашканалык приборлор* | |
| 05.4.0.0.241 | Тарелка |
| 05.4.0.0.242 | Чыны |
| 05.4.0.0.243 | Кант салгыч |

| | |
|---|---|
| *Аспаптар* | |
| 05.5.2.0.250 | Кол аспаптар жана бакчачылык шаймандар |
| 05.5.2.0.251 | Электр лампасы |
| 05.5.2.0.252 | Электр батарейка |
| *Кыска мөөнөттүк колдонуудагы турмуш-тиричилик товарлар* | |
| 05.6.1.0.253 | Кир самын |
| 05.6.1.0.254 | Жуугуч порошок |
| 05.6.1.0.370 | Күкүм түрүндөгү тазалоочу каражаттар |
| 05.6.1.0.371 | Ширеңке |
| *Жабдуу* | |
| 09.1.1.0.292 | Радиоприемник |
| 09.1.1.0.294 | Стерео магнитола |
| 09.1.2.0.296 | Фотоаппарат |
| 09.1.2.0.385 | DVD - плейер |
| 09.1.4.0.297 | Фотопленка |
| 09.1.4.0.2.355 | Компакт-диск (CD), жазуулары жок |
| *Кеңсе товарлары* | |
| 09.5.4.0.311 | 12 барактан турган, мектеп дептери |

| | |
|---|---|
| 05.4.0.0.244 | Дат баспаган болоттон жасалган ашканалык приборлор |
| 05.4.0.0.245 | Тунуке кастрюл |
| 05.4.0.0.246 | Сковородка |
| 05.4.0.0.247 | Казан |
| 05.4.0.0.248 | Жөнөкөй айнектен жасалган ваза |
| 05.4.0.0.369 | Жөнөкөй айнектен жасалган фужер |
| 05.4.0.0.249 | Пластиктен жасалган чака |
| *Оюнчуктар* | |
| 09.3.1.0.300 | Мектепке чейинки балдар үчүн оюнчуктар |
| 09.3.1.0.386 | Балдар үчүн жумшак оюнчуктар |
| *Спорт, туризм жана эс алуу үчүн жабдуулар* | |
| 09.3.2.0.303 | Футбол үчүн топ |
| *Китептер, гезиттер* | |
| 09.5.1.0.307 | Китеп |
| 09.5.2.0.308 | Бир аптада 2-3 жолу чыккан, чекене сатылган гезит |
| 09.5.2.0.309 | Апта сайын чыккан, чекене сатылган гезит |
| 09.5.2.0.310 | Апта сайын чыккан, чекене сатылган журнал |
| *Жеке керектөө үчүн башка буюмдар* | |
| 12.3.2.0.340 | Балдарды сейилдетүүчү коляска |
| 12.3.2.0.388 | Кол чатыр |

| | |
|---|---|
| 09.5.4.0.312 | Автоматтык шариккалемсап |
| 09.5.4.0.313 | Кара графиттүү карандаш |
| 09.5.4.0.314 | Конверт |
| *Жеке пайдалануучу буюмдар жана товарлар* | |
| 12.1.3.0.328 | Шампунь |
| 12.1.3.0.329 | Тиш пастасы |
| 12.1.3.0.330 | Атыр самын |
| 12.1.3.0.331 | Бетке сүйкөө үчүн крем |
| 12.1.3.0.332 | Колго сүйкөө үчүн крем |
| 12.1.3.0.333 | Атыр, атыр суу |
| 12.1.3.0.334 | Дезодорант |
| 12.1.3.0.335 | Эрин үчүн помада |
| 12.1.3.0.336 | Сакалды же чачты алуу үчүн устара |
| 12.1.3.0.387 | Дааратканa кагазы |
| *Зергер буюмдар, сааттар* | |
| 12.3.1.0.337 | Үйлөнүү алтын шакеги |
| 12.3.1.0.338 | Механикалык кол сааты |
| 12.3.1.0.339 | Кварц колго тагуучу саат |

Биринчи кезекте колдонулуучу товарлардын бааларына күн сайын мониторинг жүргүзүү үчүн катталып жаткан күйүүчү-майлоочу материалдарынын баалары апталык негиздей эле, айлык негизинде да КБИни эсептөөдө колдонулат.

Баалар жөнүндө маалымат аптанын ичинде чогултулат, мындай бөлүштүрүүнүн натыйжасында каттоочуларга түшкөн жүк бир айдын ичиндеги күндөргө тең бөлүнөт.

Каттоолордун ортолорунда бир айлык интервал болушу керек, бул үчүн азык-түлүк эмес товарлардын (тейлөөлөрдүн) бааларын жана тарифтерин каттоо боюнча бекитилген мөөнөттөрүн сактоо зарыл.

## 1.4. Бааларды каттоо

**Бааларды каттоонун эң маанилүү принциптеринин бири - бааларды үзгүлтүксүз каттоо жана баалардын «таза» өзгөрүлүшүн каттоо**. Баалардын таза өзгөрүлүшүнө байкоо жүргүзүү төмөнкүнү билдирет - бааларды эки мезгилде тең каттоо учурунда, ар бир товардын же тейлөөнүн сапаты бирдей болушу керек, аларды сатуу жана акы төлөө шарттары бирдей болуп, саны окшош белгилери бар бирдиктерге ээ болушу керек.

Мамлекеттик статистиканын аймактык органдарынын адистери-каттоочулар тарабынан товарлардын (тейлөөлөрдүн) конкреттүү түрлөрүнүн *бааларын (тарифтерин) каттоо* аркылуу керектөө баалары жөнүндө маалымат чогултулат.

Каттоочулар тарабынан соода жана тейлөө чөйрөсүнүн ишканаларына өздөрү барып, атайын иштелип чыккан кагаз түрүндөгү алып жүрүүчүлөрдө – мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун «Азык-түлүк, азык-түлүк эмес товарлардын жана калкка көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдүн бааларын жана тарифтерин каттоо үчүн жумушчу дептер» формасына жазуу аркылуу баалардын жана тарифтердин катталышы ишке ашырылат.

Тандалган ар бир өкүл-товардын (тейлөөнүн) баасын каттоо учурунда, товардын аталышын жана анын спецификациясын, тактап айтканда, товардын толук мүнөздөмөлөрүн камтуучу маалыматты жумушчу дептерге жазуу керек.

Мүнөздөмөлөр төмөнкү иретте жазылышы керек: узак мөөнөттүн ичинде ушул товардын баасын (тейлөөнүн бир түрүнө болгон тарифти) каттоого мүмкүнчүлүк болушу керек, ошондой эле ушул айда жазууларды киргизген адис үчүн гана эмес, бул ишке жаңыдан тартылган адам үчүн да кийинки каттоо учурунда сатууда товарды бирдейлештирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүшү керек.

Керектөө рыногунда эркин сатылып жаткан (жарандардын айрым категорияларына жеңилдетилген шарттарда сатылып жаткан товарлардан башка) жана накта акча менен төлөнүп жаткан товардын (тейлөөнүн) *чыныгы (чекене) баасы* каттоого тийиш. Керектөө баа (тариф) – керектөөнүн акыркы баасы болуп эсептелет, буга кошумча нарк салыгы, акциз, сатуудан салык жана башка кыйыр салыктар кирет.

Базарларда жана көчөөлөрдө суралып жаткан бааны эмес, чынында канчага сатылган бааны каттоо керек. Ошондой эле, соода күчөп жаткан убакытта каттоо жүргүзүлүшү керек.

Муну менен бирге, бир күндүн ичинде бааларды каттоо учуру (мисалы, түшкө чейин) тез бузула турган азыктар боюнча (өзгөчө жаңы бышкан мөмө-жемиштер жана жашылча боюнча) кийинки каттоолордо да сакталышы керек. Анткени, азыктарды сактоо үчүн жайдын жоктугуна байланыштуу, азыктардын бузулуп калуу коркунучу пайда болсо, анда сатуучулар көпчүлүк учурларда азыктарды сатып түгөтүү үчүн кечинде бааларды төмөндөтүп коюшат. Ошондуктан, бааларды ар апта (ай) сайын ирет-ирети менен бирдей шарттарда каттоо керек, андай болбосо, анда каттоонун эки мезгилинин ортосундагы баалардын «таза» өзгөрүлүшү эмес, товардын сапатынын төмөндөшүнүн натыйжасындагы өзгөрүлүшү катталып калат, ушундан улам мындай каттоо туура эмес болуп калат.

Эгерде товарлардын же тейлөөлөрдүн баалары АКШнын доллары менен көрсөтүлсө, анда бааларды каттоо күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жарыяланган курсуна ылайык же сатуучу сурап жаткан курсуна жараша долларларды сомго айландыруу мүмкүн.

Эгерде баалар бири-бирине шайкеш келбей калса, анда чынында бөлүнүп таңгакталган товардын катталган баасы, бекитилген өлчөө бирдигине ылайык келген баага айландырылат. Эсептөө төмөнкү формула менен жүргүзүлөт:

$$P_s = \frac{p_n}{q_n} * q_s \text{ , мында}$$

$p_s$ - бекитилген өлчөө бирдигинин баасы,

$p_n$ - товардын чынында бөлүнүп таңгакталган бөлүгүнүн баасы,

$q_n$ - товардын чынында бөлүнүп таңгакталган бөлүгүнүн салмагы,

$q_s$ - бекитилген өлчөө бирдигинин салмагы.

Мындай эсептөөдө төмөнкү шарт сакталышы керек: бекитилген бирдик үчүн салмак менен чынында таңгакталган салмак тең өлчөө бирдигине келтирилиши зарыл: грамм, килограмм, литр ж.б.

Бирок, «Пахта майы», «Күнкарама майы» категориялары боюнча бир литр үчүн катталган баа бир килограмм үчүн баага кайра эсептелген учурда, кайра эсептөөнүн 0,93 коэффициенти пайдаланылат, башкача айтканда, өсүмдүк майынын бир литри 0,93 килограммга барабар.

Айрым өкүл-тейлөөлөрдүн баалары туурасындагы маалыматтар телефон аркылуу алынса болот. Муну менен бирге, телефон боюнча алынган маалыматтарды бир нече убакыттан кийин кагаз түрүндө далилдөө керек.

Төмөнкү өкүл-товарлардын (тейлөөлөрдүн) баалары катталбайт:

- жарандардын айрым категорияларына жеңилдетилген баа (тариф) менен сатылып жаткан товарлар;
- товардык көрүнүшүн жоготкон: кир, бузулган, өндүрүштүк кемчилиги бар товарлар;
- пайдалануу мөөнөтү өтүп кеткендигинин натыйжасында же калдыктары сатылып жаткан товарлар;
- сезон мезгили башталганда, товардын чектелген саны рынокко түшүп, азырынча массалык талап кылынбаган жана өтө жогорку баа менен сунушталган товарлар;
- соода ишканасы жабылгандыгына (жоюулгандыгына) байланыштуу жеңилдетилген баа менен сатылып жаткан товарлар;
- сезон аяктагандан кийин же болбосо акция өткөрүлүп жаткан убакытта кыска мөөнөттүн ичинде (3 жумадан аз) сатылып жаткан товарлар.

Бир соода түйүнүнөн экинчи соода түйүнүнө чейин жол жүрүүгө көп убакыт кетет, ошондуктан баалар жөнүндө маалыматтарды *чогултуу графигин* иштеп чыгуу зарыл, ага ылайык алдын ала түзүлгөн маршруттар боюнча бир күндүн (аптанын, айдын) ичинде базалык ишканалар кыдырылат. Бул графикте бааларды каттоого контролдук текшерүүнү жүргүзүү үчүн аныкталган бир убакыт да эске алынышы керек.

### 1.4.1. Сезондук өкүл-товарларынын баасын каттоо

Сезондук товарлар (тейлөөлөр) - айрым азык-түлүк товарлары (мөмө-жемиш, жашылча), кийимдин жана бут кийимдин айрым түрлөрү, жылуулук тейлөөлөрү ж.б.

Эгерде сезондук өкүл-товар (тейлөө) жылына бир же бир нече ай бою сатылбай калса, анда жумушчу дептерге товар (тейлөө) сатыкта жок деп белгилениши керек. Отчеттук айдын ичинде дептерде акыркы катталган баа (тариф) мурунку айдын баасы (тарифи) катары чагылдырылбайт.

Сезондук товар пайда болуп, баасы ушул айдын ичинде катталса ($p_t$), анда мурунку айдын шарттуу баасын, тактап айтканда, маалыматтар жок болгон базистик баасын эсептөө керек ($p_{t-1}^{y}$).

Эсеп жүргүзүү үчүн пайда болгон сезондук өкүл-товардын жаңы баасын каттап, каттоонун акыркы баасын ($p_0$) жазып, жаңы баа пайда болгонго чейинки акыркы баа катталган учурдан тартып узак мөөнөттүү салыштырмалуу көрсөткүчтөрүнүн динамикасын (LTR) (ар бир калктуу пункт боюнча D таблицадан, 1-барак ) көрсөтүү керек.

Андан кийин мурунку айдын шарттуу баасынын эсептөөлөрү төмөнкү формула боюнча жүргүзүлөт:

$$p_{t-1}^{y} = \left( \frac{LTR_{t-1}}{LTR_0} \right) * p_0$$ , мында

$LTR_{t-1}$ - мурунку айдын, т.а. сезондук товар пайда болгонго чейинки айдын узак мөөнөттүү салыштырмалуу көрсөткүчү;

$LTR_0$- сезондук товардын акыркы баасы катталган айдын узак мөөнөттүү салыштырмалуу көрсөткүчү;

$p_0$ - сезондук товардын акыркы катталган баасы;

$p_{t-1}^{y}$ - мурунку айдын шарттуу баасы.

Эсептөөнүн натыйжасында алынган мурунку айдын шарттуу баасы мындан ары жеке индекстерди эсептөөдө базистик баа катары колдонулат.

Эрте бышкан картошканын баасы жана мурунку жылдагы картошканын баасы бөлүштүрүлүп, өзүнчө катталат. Эрте бышкан картошканын баасы жөнүндө маалымат бул товарды кеңири сатып баштаган учурдан тартып, керектөө бааларынын индексин эсептөөгө киргизилет. Эрте бышкан картошканы эсептөөгө киргизүү учуру болуп июнь саналат.

Үстүбүздөгү жылы алынган түшүмдүн продукциясынын салыштырма салмагы акырындык менен өсүүдө, ушундан улам эрте бышкан (жаңы түшүмдүн) жашылчаларынын баалары алар кеңири сатып баштаган учурдан тартып катталышы керек:

редис, капуста – апрелде,
чеснок – майда,
пияз, кызылча – июнда.

Ошондой эле, калктуу пункттардын базарларында мөмө-жемиштерди (чие, кулпунай), абрикосту жана жаңы бышкан жүзүмдү кеңири сатып баштаган учурдан тартып алардын баасы каттоого алынышы керек.

## 1.4.2. Товарлар менен тейлөөлөрдүн салыштырмалуулугу

Керектөө бааларынын индексин эсептөө үчүн колдонулган эң так жана анык маалыматты алуунун негизги шарттарынын бири - отчеттук жана базистик мезгилдердеги **баалардын салыштырмалуулугун сактоо** болуп саналат.

Баалардын салыштырмалуулугуна мындай шарттын болушу талап кылынат – бүт отчеттук жыл бою ар бир товарга (тейлөөгө) катталып жаткан баалык котировкаларынын саны бирдей болушу керек. Эгерде, бул эреже сакталбаса, анда баалардын индекстери туура эмес эсептелиши мүмкүн.

Мисалы, эгерде базистик мезгилдин ичинде кандайдыр бир өкүл-товарга 6 баа катталып, отчеттук мезгилде 5 баа катталып, баалык котировкалардын ар бир мезгилинде катталган бардык орточо баалар эсептелсе, анда орточо баалардын өзгөрүлүшү катталып калышы мүмкүн, ал эми ошол эле учурда баалардын дээрлик бүт баардыгы өзгөрүүсүз калып, базистик мезгилде баасы катталган товардын бир эле конкреттүү түрү сатылбай калган.

Базистик мезгилге салыштырганда отчеттук мезгилде конкреттүү керектөө сапаттарына ээ болгон *товардын (тейлөөнүн) салыштырмалуу баасы* деп, сооданын (тейлөө чөйрөсүнүн) бир эле уюмунда бир эле товарга катталган баа эсептелет. Баалык маалыматтардын салыштырмалуулугун камсыз кылуу үчүн (мисалы, конкреттүү соода ишканасында же бүт чөлкөмдө бул товар сатылбаса), алмаштыруу ыкмасы колдонулат.

## 1.5. Товарларды жана тейлөөлөрдү алмаштыруу

Эгерде товардын сатылып жаткан көлөмү жетишсиз болуп калса же кадимки шарттарда сатылбай калса, анда товарлардын жана тейлөөлөрдүн алмаштыруусу талап кылынышы мүмкүн.

Товар жетишсиз болуп калгандан кийин биринчи 3 айдын ичинде товарды алмаштыруу зарыл. Баалык катардын үзгүлтүксүз болушун жана анын салыштырмалуулугун камсыз кылуу үчүн алмаштыруунун (кошумча эсептөөнүн) төмөнкү ыкмалары колдонулат:

1) *Соодага мурдагы көлөмдө түшпөй калган товарлар боюнча:*

- жоголуп кеткен товардын ассортименттик түрүнүн ордуна, ага окшош керектөө сапаттарына ээ болгон жана сатууда жаңы пайда болгон товар тандалат;

- бул базистик ишканада жоголуп кеткен товардын (тейлөөнүн) баасы башка ишканадагы тийиштүү баага алмаштырылат, бул ишкана окшош менчик формасына ээ болуп, жайгашкан жери жана сатуу шарттары базистик ишканага шайкеш келиши керек;

- келечекте пайдалануу мүмкүнчүлүгү эң жогору болгон товардын түрү тандалат.

2) *Убактылуу жоголуп кеткен, бирок сезондук товарларга тиешеси жок товарлар боюнча:*

- баалар өзгөрүлбөгөн же бир аз эле өскөн (төмөндөгөн) учурда, жоголуп кеткен товардын баасынын ордуна акыркы жолу катталган баа колдонулат.

Бул ыкма мүмкүн болушунча аз колдонулушу керек, анткени бул ыкманы пайдалануунун натыйжасында эсептелип жаткан жалпыланган индекс азайтылып,

системалык ката кетирилип, жоголуп кеткен өкүл-товардын баасы кайрадан катталганга чейин индекстин өзгөрүлүшү кескин айырмаланып калышы мүмкүн;

- сатылып жаткан өкүл-товарларга болгон баалардын орточо өзгөрүүлөрүн колдонуп, жоголуп кеткен өкү-товардын баасын шарттуу түрдө эсептөө керек:

| Өкүл-товар | **Баалар** | | |
|---|---|---|---|
| | **Январь** | **Февраль** | **Март** |
| **A** | 60,00 | 50,00 | |
| **B** | 70,00 | 80,00 | 85,00 |
| **C** | 50,00 | 60,00 | 50,00 |

**А** өкүл-товар үчүн мартта шарттуу түрдө эсептелген баа:

$$50,00 * ((85,00 + 50,00)/(80,00 + 60,00)) = 48,00$$

Бул шарттуу түрдө эсептелген баа, жумушчу дептеринде жылдызча (*) менен белгиленип, мындан ары орточо бааны эсептөөдө колдонулат.

Шарттуу түрдө эсептелген бааларды пайдалануу мезгили узак болбошу керек (2-3 айдан көп эмес).

Алмаштырууда төмөнкү негизги шарттарды сактоо керек:

❖ ар башка базалык ишканалардагы товарлардын (тейлөөлөрдүн) бир түрү же ар кайсы товарлар (тейлөөлөр) салыштырылбайт;

❖ ар кандай өлкөлөрдө чыгарылган товарлар салыштырылбайт;

❖ бир өлкөдө чыгарылган товарлардын сапаты дээрлик бирдей болсо, аларды салыштырса болот (тактап айтканда, бул кийимдерге тиешелүү - ар кандай өндүрүүчүлөр чыгарган товарларды салыштырса болот, бирок, буга бир гана учурда уруксат берилет: эгерде бир өндүрүүчү чыгарган товарларды тандап алууга мүмкүнчүлүк болбосо);

❖ көлөмү жана салмагы айрымаланган товардын бир түрүнүн баалары кайрадан эсептелсе (мисалы, 550 жана 350 граммдык банкадагы консервалар);

❖ эгерде ар башка өлчөмдүү бир моделдин баасы бири-биринен айрымаланбаса, анда өлчөмү менен гана айырмаланып турган, бирок бирдей моделдердин бааларын салыштырса болот.

## II. Бааларга жана тарифтерге байкоо жүргүзүү үчүн керектөө тобуна кирген товарлардын жана тейлөөлөрдүн спецификациясы

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **01.** | **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | | |
| **01.1.** | **Тамак-аш азыктары** | | |
| **01.1.1** | **Нан азыктары жана акшак** | | |
| **01.1.1.1** | **Күрүч** | | |
| 01.1.1.1.1 | Орто дандуу күрүч | кг | *Узун жана кыска дан. Иштетүү деңгээлине жараша: жылмаланган (үстү жылмакай, жылтыраган) жана жылмартылган (үстү күңүрт, анча-мынча бодуракай) күрүч. Биздин өлкөбүздө (Баткен, Өзгөн) жана чет өлкөдө чыгарылат (Казакстан, Кытай, Корея). Салмагы боюнча сатылат. Баасы **1 кг** үчүн көрсөтүлсүн.* |
| 01.1.1.1.2 | Узун дандуу күрүч | кг | *Узун жана кыска дан. Жылмартылган күрүч. Чет өлкөдө чыгарылат (Пакистан, Индия). Салмагы боюнча сатылат. Баасы **1 кг** үчүн көрсөтүлсүн.* |
| **01.1.1.2** | **Ун жана акшак** | | |
| 01.1.1.2.3 | Жогорку сорттогу буудай уну | кг | *Дандын ички бөлүгүнөн гана турган, тазартылган ун. Салмагы боюнча сатылат жана өлчөп оролгон боюнча сатылат (кагаз пакеттери). Биздин өлкөбүздө жана чет өлкөдө чыгарылат. ("Акун", "Яшар", "Цесна" ж.б.). Баасы **1 кг** үчүн көрсөтүлсүн.* |
| 06.1.1.0.261 | Метамизол натрий (Анальгин) | 10 таблетка | *Антипирин тобуна кирген дарылоо каражат, оорутпоо жана дененин ысыганын басаңдатуучу таасирге ээ. Активдүү зат - Метамизол натрия. Сатуу аталыштары: Анальгин, Метамизол натрия. Баасы **10 таблетка үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 06.1.1.0.262 | Вишневскийдин майы (Вишневский боюнча бальзам линименти) | 25 гр. | *Өзүнө гана мүнөздүү күчтүү жыты бар, антисептикалык таасири менен мазь. Сырткы пайдалануу үчүн. Эл аралык аталыш: Трибромфенолят висмута + деготь. Баасы **25 гр. үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **06.1.2** | **Медициналык багыттагы башка продукция** | | |
| 06.1.2.0.263 | Медициналык лейкопластырь (бир тоголок) | таңгак | *Териге жабышуу жөндөмдүүлүгү бар чоюлма масса түрүндөгү дарылоонун түрү. Жабышкан тасма түрүндөгү бир тоголок, дарылоо заттары жок, оролмолорду бекитүү ж.б. максаттар үчүн колдонулат. Таңгакталган.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 06.1.2.0.264 | Гигроскопиялык кебез | 200 гр. | *Пахтадан жасалган тазаланган же тазаланбаган гигроскопиялык ак кебез. Пластик пакетте.*<br>*Баасы **200 гр. үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **06.1.3** | **Дарылоо жабдуулар жана аппараттар** | | |
| 06.1.3.0.265 | Көз айнектер үчүн айнек линзалары | 2 линза | *Көз айнектер үчүн айнек линзалары.*<br>*Фокус: бир фокалдуу. Материал: кадимки минерал. Сфералык оптикалык күч: -2 дптр. Чагылыштыруу көрсөткүчү (рефракциялоо индекси) пе: 1,5.*<br>*Оправадан, линзалардын капталышынан жана тонировкасынан **башка**.*<br>***Монтажды кошкондо, эки линзанын** баасы көрсөтүлсүн.* |
| **06.2** | **Амбулатордук тейлөөлөр** | | |
| 06.2.1.0.266 | Терапевт-дарыгердин алгачкы кабыл алуусу | бир барып келүү | *Менчик медициналык борбордун тейлөөлөрү.*<br>*Стандарттуу кароо, кеңеш берүү жана бейтаптын абалына диагноз коюу (сасык тумоо/вирустук оору), дары жазып берүү.*<br>*Үйгө баруудан, шашылыш жардам берүүдөн **башка**.*<br>***1 барып келүү үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |
| 06.2.2.0.376 | Стоматолог тарабынан бейтапты алгачкы кароо | бир барып келүү | *Менчик стоматологиялык клиника.*<br>*Эрезеге жеткен бейтапты кароо жана кеңеш берүү тейлөөлөрү.*<br>***1 барып келүү үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 06.2.2.0.377 | Чектелген оорутпоо менен тиш жулдуруу | жулдуруу | *Чектелген анестезияны **кошкондо** (оорутпоо укол), татаалданууларсыз, рентгени жок, эрезеге жеткен бейтаптын бир тамырлуу тишин <u>менчик</u> стоматологиялык клиникада жулдуруу.*<br>***1 жулдуруу үчүн** баа көрсөтүлсүн.* |
| 06.2.2.0.268 | Кариести дарылоо | пломба | *<u>Менчик</u> стоматологиялык клиника. Чектелген анестезия кылбастан (оорутпоо укол жасабастан) кариести иштеп чыгуу, пломба салуу тейлөөлөрү. Пломба композиттик материалдардан турат.*<br>*Иштердин шашылыш аткарылышы, рентген, дарылоо **эсепке алынбайт**.*<br>***1 пломба коюлганы үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |
| 06.2.2.0.378 | Бөйрөктү жана бөйрөктүн үстүндөгү органдарды ультра үндүү изилдөө | изилдөө | *Бөйрөктү ультра үндүү изилдөөдө (УҮИ): бөйрөктүн жайгашуусуна, формасына, четтерине, өлчөмүнө, паренхиманын структурасына, чогултуучу органдардын абалына, кошумча шишиктердин бар болушуна баа берилет; бөйрөктүн үстүндөгү органдарды изилдөөдө: бөйрөктүн үстүндөгү органдардын гиперплазиясы, сезгенүү өзгөрүүлөр, гематомалар, кисталар, шишиктер аныкталат.*<br>*<u>Диагноз коюучу (жеке менчик) борбордо</u> **бир изилдөө үчүн** (натыйжаларга диагноз коюуну кошкондо) баа көрсөтүлсүн.* |
| 06.2.2.0.379 | Кандын жалпы анализи | анализ | *<u>Менчик лабораторияда</u> канды анализге алуу жана анын натыйжаларынын негизинде диагноз коюу.*<br>*Кандын жалпы анализи: лейкоциттердин, эритроциттердин саны, кандын группасы, РОЭ (эритроциттердин түбүнө тартуу ылдамдыгы), гемоглобин, мочевина, креатин, кандагы кант, липиддер, холестерин. Анализ шашылыш эмес.*<br>***1 анализдин** наркы көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **07.** | **Транспорт** | | |
| **07.1** | **Автотранспортту сатып алуу** | | |
| **07.1.1** | **Автомобиль** | | |
| 07.1.1.0.269 | Жаңы жеңил автомобиль | даана | *Жабык кузову менен: седан, купе, хэтчбек, универсал.*<br>*Өткөрүүчүлөрдүн механикалык коробкасы менен базалык модель.*<br>*Кыймылдаткычтын түрү боюнча: бензиндик, дизелдик.*<br>*Импорттук өндүрүштүн автомобилдери: "Nissan", "Toyota", "Ford", "Mercedes", "Audi", "Hyundai" ж.б. КМШ өлкөлөрүнүн автомобилдери: "ВАЗ", "Нива", "ГАЗ" өңдүү.*<br>*Фирмалык автосалондордо же телефон боюнча заказ менен.* |
| **07.1.3** | **Велосипед** | | |
| 07.1.3.0.270 | Чоң адамдар үчүн жол велосипеди | даана | *Бут педали аркылуу адамдын күчү менен кыймылга келтирүүчү транспорттук каражат.*<br>*Шаардык (жаратылышта активдүү эс алуу, шаар ичинде кыймылдоо үчүн багытталган), шоссейдик (алыска тез жетүү үчүн багытталган адистештирилген велосипед, кармагычы ийри) жана тоолуу велосипед (өйдө-ылдый жерлерде жүрүүчү).*<br>*Балдардын эки же үч дөңгөлөгү бар велосипедден **башка**.*<br>*Баасы **1 даана (бир велосипед) үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **07.2** | **Жеке транспорттук каражаттарды пайдалануу** | | |
| **07.2.1** | **Жеке транспорттук каражаттардын запастык тетиктери жана шаймандары** | | |
| 07.2.1.0.271 | Жеңил автомобиль үчүн дөңгөлөк | даана | *Дөңгөлөктүн тегерегинде жайгашкан резинадан жасалган кабык. Жайкы жана кышкы (ийнелери бар) дөңгөлөк.*<br>*Камерадан, монтаждан, балансировкадан **башка**.*<br>*Баасы **1 дөңгөлөк үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **07.2.2** | **Күйүүчү-майлоочу материалдар** | | |
| 07.2.2.0.1.272 | А-95 маркадагы автомобиль бензини | л | *Түрү: Super же Eurosuper, этилдештирилген эмес, октан числосу 95 же ага жакын. Май куюучу бекеттерде сатылат. Баасы **1 литр үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.2.2.0.273 | А-92 маркадагы автомобиль бензини | л | *Этилдештирилген эмес, октан числосу 93 же ага жакын. Май куюучу бекеттерде сатылат. Баасы **1 литр үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.2.2.0.274 | А-80 маркадагы автомобиль бензини | л | *Этилдештирилген эмес, октан числосу 80. Май куюучу бекеттерде сатылат. Баасы **1 литр үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.2.2.0.275 | Дизель майы | л | *Дизелдик кыймылдаткычта отун катары пайдаланылган суюк продукт. Жайкы жана кышкы дизель майына бөлүнөт. Май куюучу бекеттерде сатылат. Баасы **1 литр үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **07.2.3** | **Жеке транспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана оңдоо** | | |
| 07.2.3.0.380 | Инжекторду (форсунканы) жууп тазалоо | иштин бир түрү | ***Фирмалык эмес** сервис-борбордо тазалоонун суюктук (химиялык) принцибиндей эле, ультра үндүү ыкмасы менен форсункаларды тазалоо жана текшерүү үчүн жабдууну пайдалануу аркылуу инжекторду жууп тазалоо.*<br>*60000 км пробег бар автомобилдер (AUDI, VW, TOYOTA, MAZDA).*<br>*Материалдардын баасын **кошкондо**, баасы **иштин бир түрү үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.2.3.0.381 | ГБМ (газды бөлүштүрүүчү механизмдин) кайыш боосун алмаштыруу | иштин бир түрү | *Газды бөлүштүрүүчү механизмдин кайыш боосун алмаштыруу (**фирмалык эмес** сервис-борбордо). Автомобилдер: AUDI, VW Golf - 2003-ж. чыгарылган. Материалдардын баасын **кошкондо**, баасы **иштин бир түрү үчүн** көрсөтүлсүн.*<br>*Тартуучу роликтерди жана суу сордургучту (помпаны) алмаштыруунун наркы **киргизилбейт**.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **07.3** | **Транспорттук тейлөөлөр** | | |
| **07.3.1** | **Темир жол жүргүнчү транспорту** | | |
| 07.3.1.0.277 | Жергиликтүү жана шаар тегерегиндеги каттам боюнча поездде жол жүрүү | жолдун 100 км эсепте-генде | *Темир жол менен жол жүрүү, билет бир тарапка, республиканын ичинде. Чоң адамдар үчүн. Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан жөнөгөндө (Бишкек-Кайынды, Бишкек-Токмок, Токмок-Балыкчы).*<br>*Баасы жолдун **100 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.1.0.278 | Жакынкы каттам боюнча поезддин купе вагонунда жол жүрүү | жолдун 500 км эсепте-генде | *Темир жол менен жол жүрүү, билет бир тарапка, коңшу КМШ өлкөлөрүнө. Чоң адамдар үчүн. Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан жөнөгөндө (Бишкек-Алмата, болжол менен 580 км).*<br>*Купе, шейшептердин наркы эсепке алынат.*<br>*Баасы жолдун **500 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.1.0.279 | Алыскы каттам боюнча поезддин купе вагонунда жол жүрүү | жолдун 1000 км эсепте-генде | *Темир жол менен жол жүрүү, билет бир тарапка, алыскы каттам. Чоң адамдар үчүн. Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан жөнөгөндө (Бишкек-Москва, болжол менен 3775 км).*<br>*Купе, шейшептердин наркы эсепке алынат.*<br>*Баасы жолдун **1000 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **07.3.2** | **Автомобиль жолдорунун жүргүнчү транспорту** | | |
| 07.3.2.0.382 | Шаардык муниципалдык автобус менен жол жүрүү | жол жүрүү | *Жеңилдиктери жок, негизги тариф боюнча, шаардык автобуста **бир жол жүрүүнүн** наркы көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.2.0.383 | Маршруттук такси менен жол жүрүү | жол жүрүү | *Күндүз, шаардын ичинде маршруттук такси (микроавтобус) менен бир тарапка **бир жол жүрүүнүн** наркы көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.2.0.384 | Троллейбус менен жол жүрүү | жол жүрүү | *Жеңилдиктери жок, негизги тариф боюнча, шаардык троллейбуста бир тарапка **бир жол жүрүүнүн** наркы көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.2.0.281 | Такси менен жол жүрүү | жолдун 5 км эсепте-генде | *Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардын ичинде такси менен жол жүрүү (аэропортко жол жүрүүдөн башка).*<br>*Жумушчу күндөрдөгү күндүзгү тариф.*<br>*Тариф **жолдун 5 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 07.3.2.0.282 | Республиканын ичинде шаар аралык автобуста 35 км жол жүрүү | жолдун 35 км эсептегенде | *Республиканын ичинде жол жүрүү - шаар тегерегинде же шаар аралык каттам.* *Билет айдоочудан же станцияда сатылып алынат. Чоң адамдар үчүн, жумушчу күндөрү.* *Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан кетүү.* *Баасы **жолдун 35 км үчүн** көрсөтүлсүн (билет бир тарапка).* |
| 07.3.2.0.283 | Республиканын ичинде шаар аралык автобуста 100 км жол жүрүү | жолдун 100 км эсептегенде | *Республиканын ичинде жол жүрүү - шаар тегерегинде же шаар аралык каттам.* *Билет айдоочудан же станцияда сатылып алынат.* *Чоң адамдар үчүн, жумушчу күндөрү.* *Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан кетүү.* *Баасы **жолдун 100 км үчүн** көрсөтүлсүн (билет бир тарапка).* |
| 07.3.2.0.344 | Жакынкы чет өлкөлөргө автобус менен жол жүрүү (эл аралык каттам) | бир жолку билет | *КМШ өлкөлөрүнө (Казакстан, Өзбекстан) автобус же микроавтобус менен жол жүрүү - эл аралык каттам.* *Билет айдоочудан же станцияда сатылып алынат. Чоң адамдар үчүн, жумушчу күндөрү.* *Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан кетүү.* ***Бир тарапка 1 билеттин** наркы көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.2.0.345 | Алыскы чет өлкөлөргө автобус менен жол жүрүү (эл аралык каттам) | бир жолку билет | *Алыскы чет өлкөлөргө автобус менен жол жүрүү - эл аралык каттам. Чоң адамдар үчүн, жумушчу күндөрү.* *Байкоо жүргүзүлүп жаткан шаардан кетүү.* ***Бир тарапка 1 билеттин** наркы көрсөтүлсүн.* |
| **07.3.3** | **Аба жүргүнчү транспорту** | | |
| 07.3.3.0.284 | Ички рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда учуу | жолдун 300 км эсептегенде | *Ички аба линиялары менен экономикалык класстагы авиабилеттер (авиакассаларда, турагенттиктерде сатылат). Чоң адамдар үчүн.* *Баасы **бир тарапка жана жолдун 300 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 07.3.3.0.285 | Эл аралык рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда жакынкы чет өлкөлөргө учуу | жолдун 1000 км эсептегенде | *КМШ өлкөлөрүнө эл аралык аба линиялары менен экономикалык класстагы авиабилеттер (авиакассаларда, турагенттиктерде сатылат).* *Чоң адамдар үчүн, учууга чейин 20 күн мурда сатылат.* *Баасы **бир тарапка жана жолдун 1000 км үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 07.3.3.0.346 | Эл аралык рейстеги самолеттун экономикалык класстагы салонунда алыскы чет өлкөлөргө учуу | билет бир тарапка | *Алыскы чет өлкөлөргө эл аралык аба линиялары менен экономикалык класстагы авиабилеттер (Германия, Англия, Түркия ж.б.).*<br>*Чоң адамдар үчүн, учууга чейин 20 күн мурда бронь коюлат.*<br>***Бир тарапка 1 билеттин** наркы көрсөтүлсүн (авиакассаларда, турагенттиктерде сатылат).* |
| **08.** | **Байланыш** | | |
| **08.1** | **Почта тейлөөлөрү** | | |
| 08.1.0.0.286 | Республиканын ичинде катты жеткирүү | даана | *Республиканын ичинде жөнөкөй стандарттуу катты почта аркылуу жиберүү.*<br>*Салмагы 20 граммдан ашпаган кат.*<br>*Конверттин наркынан **башка.***<br>*Заказ боюнча жиберилген каттан **башка.*** |
| 08.1.0.0.287 | Алыскы чет өлкөлөргө катты жеткирүү, АВИА кошо | даана | *КМШ өлкөлөрүнө жөнөкөй катты почта аркылуу жиберүү, <u>авиа</u>. Салмагы 20 граммдан ашпаган кат.*<br>*Конверттин наркынан **башка.***<br>*Заказ боюнча жиберилген каттан **башка.*** |
| **08.3** | **Телефон жана факс байланыштарынын тейлөөсү** | | |
| 08.3.0.0.288 | Телефон менен пайдалануу үчүн абоненттик акы | ай | *<u>Туруктуу</u> телефон байланышы үчүн **бир айлык** абоненттик **акы**.* |
| 08.3.0.0.289 | Республиканын чегинде (облустун ичинде жана облустар аралык) автоматтык терүү аркылуу шаар аралык сүйлөшүүлөр | 30 мүнөт | *Шаар аралык телефон чалуу, улуттук. <u>Бир облустун ичиндеги шаарлардын аралыгында</u> жана <u>ар башка облустар аралык</u>. Жумушчу күндөрү күндүз (эң көп чалуулар болгон сааттардын ичинде эмес).*<br>*Байланыштын туруктуу линиясынан байланыштын туруктуу линиясындагы абонентке чалуу.*<br>*Сүйлөшүүнүн **30 мүнөтү** үчүн тариф көрсөтүлсүн (кошуу үчүн акыны эсептегенде, эгерде ал төлөнүүгө милдеттүү болсо).*<br>*Жергиликтүү чалуулардан **башка**.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 08.3.0.0.290 | КМШ өлкөлөрү менен автоматтык терүү аркылуу эл аралык сүйлөшүүлөр | 3 мүнөт | *КМШ өлкөлөрүнө (Россия) эл аралык телефон чалуу. Жумушчу күндөрү күндүз (эң көп чалуулар болгон сааттардын ичинде эмес). Байланыштын туруктуу линиясынан байланыштын туруктуу линиясындагы абонентке чалуу.*<br>*Сүйлөшүүнүн **3 мүнөтү** үчүн тариф көрсөтүлсүн (кошуу үчүн акыны эсептегенде, эгерде ал төлөнүүгө милдеттүү болсо).* |
| 08.3.0.0.291 | Республиканын ичинде жөнөкөй телеграмма жиберүү | 10 сөз | *Республиканын ичинде жөнөкөй телеграмма жиберүү.*<br>***10 сөздөн** турган телеграмма.* |
| 08.3.0.0.1.347 | Уюлдук байланыш боюнча жергиликтүү кошулуу | 1 мүнөт | *Уюлдук байланыш боюнча күндүз (түйүндөн тышкары) сүйлөшүүнүн **бир мүнөтү** үчүн тариф (кирүү жана чыгуу кошулуулар).*<br>*Уюлдук байланыштын бир тутумунун уюлдук телефонунан экинчи уюлдук телефонуна кошулуудан **башка**, ошондой эле эл аралык кошулуулардан **башка**.* |
| **09.** | **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | | |
| **09.1** | **Аудиовизуалдык жабдуу жана фотоаппаратура** | | |
| **09.1.1** | **Үндү жана сүрөттөрдү кабыл алуу, жазуу жана кайталоо үчүн жабдуу** | | |
| 09.1.1.0.292 | Радиоприемник | даана | Р*адиодиапазондун электр магниттик толкундарды кабыл алуу үчүн жабдуу, мындан кийин аларда камтылган маалыматты пайдаланууга мүмкүн болгон түргө айландыруу.*<br>*Радио уктуруучу, автономдук (көчмө эмес), интегралдык микросхемаларда, стационардык же көтөрүп жүрмө.*<br>*Күчөтүү ыкмасы боюнча: түйүндүк, автономдук же универсалдуу.*<br>*Ар башка өндүрүүчүлөр тарабынан чыгарылат.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 09.1.1.0.293 | Түстүү телевизор | даана | *Үн коштолуучу, кыймылдабаган жана кыймылдап жаткан сүрөттөрдү көрсөтүү үчүн багытталган жабдуу. Түстүү сүрөт. Экрандын түрү боюнча: электрондук-нур түтүгү менен, суюк кристаллдуу жана плазмалык телевизорлор, ар кайсы диагональ менен. Диагоналы 51-54 см болгон **1 телевизордун** баасы көрсөтүлсүн.* |
| 09.1.1.0.294 | Стерео магнитола | даана | *Компакт-дисктерди ойнотууга арналган жабдуусу бар жана радиоприемник менен бириктирилген, көтөрүп жүрмө магнитола. Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.1.2.0.296 | Фотоаппарат | даана | *Кесиптик эмес (турмуш-тиричилик) фотоаппарат. Тасмалык жана цифралык (автоматтык, туруктуу фокус аралыгы менен, фокус аралыгын өзгөртүү мүмкүнчүлүгү менен (zoom), ЖК-дисплей ж.б. бар). Ар башка өндүрүүчүлөр тарабынан чыгарылат. Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.1.2.0.385 | DVD - плейер | даана | *Түздөн-түз телевизор менен бирге пайдалануу үчүн багытталган стационардык проигрыватель. Видео кирүүлөр/чыгуулар: HDMI, S-Video Out, разъем Scart; Аудио кирүүлөр/чыгуулар: коаксилдик. HDMI-интерфейс USB-порт & кард-ридер менен (MS, SD, MMC). Колдоочу алып жүрүүчүлөр - DVD, DVD R, DVD RW, CD, CD-R, CD-RW. Колдоочу форматтар - MP3, WMA, MPEG4, VideoCD, SVCD, HDCD, JPEG. Караоке. Дистанциялык башкаруу пульту менен (батарейкалар менен), RCA-кабель жана Scart-кабель. Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **09.1.4** | **Жазуучу жабдуулар жана материалдар** | | |
| 09.1.4.0.297 | Фотопленка | даана | *Ийилгич тунук негизинде фотоматериал. Түстүү, перфорацияланган туурасы 35 мм болгон негативдик фото тасма. Ар түрдүү маркалык. Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 09.1.4.0.2.355 | Компакт-диск (CD), жазуулары жок | даана | *Бир жолку жазуу үчүн арналган, 650-700 Мбайт көлөмдүү, CD-R түрүндөгү диск (Compact Disc Recordable - жазылуучу компакт диск).*<br>*Бош. Жазуу үчүн арналган, кайрадан жазууга болбойт.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **09.1.5** | **Аудиовизуалдык жабдууну, фотоаппаратураны оңдоо** | | |
| 09.1.5.0.299 | Теле-, радиоаппаратураны оңдоо | иштин бир түрү | *Бузулган жерин аныктоо жана бардык түрдөгү телевизорлорду, радиоаппаратураларды, видеокамераларды, радиоэлектрондук аппаратураларды оңдоо.*<br>*Үйдө көрсөтүлүүчү тейлөө, устаны чакыргандыгы үчүн акы кошулат.*<br>*Материалдардын наркы **эсепке алынбайт**.*<br>***Бир тейлөө (иштин бир түрү)** үчүн тариф көрсөтүлсүн.* |
| **09.3** | **Эс алуу үчүн башка товарлар жана жабдуулар, сейилденүүчү бактар жана үйдөгү жаныбарлар** | | |
| **09.3.1** | **Оюндар, оюнчуктар** | | |
| 09.3.1.0.300 | Мектепке чейинки балдар үчүн оюнчуктар | даана | *Балдардын оюнчуктары. <u>Кукла</u>: бийиктиги 30-35 см, жумшак винил. <u>Балдардын оюнчук машинкасы</u>: металлдан жасалган автомобилдердин моделдери. <u>Топ</u>: резинадан жасалган, диаметри 10 - 15 см.*<br>*Баасы **1 оюнчук үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.3.1.0.386 | Балдар үчүн жумшак оюнчуктар | даана | *Жумшак оюнчук: сырткы материал ‒ кездеме же кездемелик материал эмес, тери; ички материал - кебез, полиэстер. Орто өлчөмдүү, 25-30 см. Жаныбарлардын келбети (коён, тукаба мамалак).*<br>*Музыкалык оюнчуктардан **башка**.* |
| **09.3.2** | **Спорт, туризм жана эс алуу үчүн жабдуулар** | | |
| 09.3.2.0.303 | Футбол үчүн топ | даана | *Футбол жана башка оюн ойноо үчүн топ (булгаарыны алмаштыруучу материал).* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **09.3.5** | **Үйдөгү жаныбарлар үчүн ветеринардык жана башка тейлөөлөр** | | |
| 09.3.5.0.348 | Жаныбарларды эмдөө | даана | *Ветеринардын тейлөөлөрү, жаныбарларды эмдөө (иттер үчүн кутурма оорудан, жырткыч чумадан).*<br>*Вакцинанын наркы* ***эсепке алынбайт.***<br>***1 эмдөө үчүн*** *тариф көрсөтүлсүн.* |
| **09.4** | **Эс алуунун жана маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр** | | |
| **09.4.2** | **Маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр** | | |
| 09.4.2.0.304 | Кинотеатр | билет | *Шаардык кинотеатрга, ошондой эле стационардык кино жабдуулар орнотулган маданий үйлөрүнө же клубдарга билет. Жумушчу күнү кечки сеанс. Ортодогу катарда, борбордо орун.*<br>***1 билеттин*** *наркы көрсөтүлсүн.* |
| 09.4.2.0.305 | Театр | билет | *Театрга (драма спектакли, мюзикл, опера, оперетта) билет. Эс алуу күнү кечки спектакль. Партердин ортосунда орун, борбордо орун.*<br>*Премьералар жана гастролдогу спектаклдер* ***эсепке алынбайт****.*<br>***1 билеттин наркы*** *көрсөтүлсүн.* |
| 09.4.2.0.306 | Документтер үчүн сүрөткө тартуу | 4 даана | *Фото сүрөттүн наркына төмөнкүлөр кирет: документтерге (паспортко) сүрөткө тартуу тейлөөсү, түстүү фотографияларды тасмага түшүрүү жана басып чыгаруу.*<br>*Баасы* ***4 фотографиядан турган комплект үчүн*** *көрсөтүлсүн.* |
| 09.4.2.0.347 | Компьютердик оюндар | 1 саат | *Клубдарда компьютердик (түйүндүк) оюндар.*<br>***1 саат үчүн*** *тариф көрсөтүлсүн.* |
| **09.5** | **Гезиттер, китептер жана кеңсе товарлары** | | |
| **09.5.1** | **Китептер** | | |
| 09.5.1.0.307 | Китеп | даана | *Жумшак жана катуу мукабада, стандарттык өлчөмдөгү китеп. Көркөм адабият.*<br>*Чөнтөк форматтагы китептерден* ***башка.***<br>*Баасы* ***1 даана үчүн*** *көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **09.5.2** | **Гезиттер жана мезгилдүү басылмалар** | | |
| 09.5.2.0.308 | Бир аптада 2-3 жолу чыккан, чекене сатылган гезит | даана | *Бир аптада 2-3 жолу (жумушчу күндөрү) чыккан гезит. Чекене сатылат. Ар кайсы басмаканалар чыгарат.*<br>*Баасы **1 даана (бир номер) үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.5.2.0.309 | Апта сайын чыккан, чекене сатылган гезит | даана | *Аптада 1 жолу чыккан гезит (ошондой эле журнал-гезит). Чекене сатылат, жазылуу (подписка) боюнча эмес. Ар кайсы басмаканалар чыгарат (республикалык, облустук, башка өлкөлөрдүн басмаканалары).*<br>*Баасы **1 даана (бир номер) үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.5.2.0.310 | Апта сайын чыккан, чекене сатылган журнал | даана | *Айына 1 жолу чыккан журнал, чекене сатылат, жазылуу (подписка) боюнча эмес. Ар кайсы басмаканалар чыгарат. Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн, аялдар үчүн, кроссворддору менен. А4 форматтагы, 25 беттен аз эмес.*<br>*Баасы **1 даана (бир номер) үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **09.5.4** | **Кеңсе товарлары** | | |
| 09.5.4.0.311 | 12 барактан турган, мектеп дептери | даана | *Бириктирилген ак кагаз барактарынан турган, жазуу үчүн буюм. Окуучулар үчүн 12 барактуу мектеп дептери, чакмак жана сызык менен.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.5.4.0.312 | Автоматтык шарик калемсап | даана | *Капкагы бар, алмаштыруучу өзөгү менен шарик калемсап. Бир-бирден сатылат. Басма калемден **башка**.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 09.5.4.0.313 | Кара графиттүү карандаш | даана | *Жыгач менен камтылган грифель бар, өчүргүчү жок, бир жолу пайдалануучу жөнөкөй карандаш. Бир-бирден сатылат.*<br>*Механикалык карандаштан **башка**.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 09.5.4.0.314 | Конверт | даана | *Кагаздарды же жалпак буюмдарды ичине салуу, сактоо жана жөнөтүү үчүн багытталган, илээшме же өзү жабышкан клапан менен жабыла турган, кагаздан жасалган төрт бурчтуу жалпак кап.*<br>*Маркасы жок, стандарттуу, ак конверт.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **10.** | **Билим берүү** | | |
| **10.1** | **Мектепке чейинки тарбия берүү жана баштапкы билим берүү** | | |
| 10.1.0.0.315 | Ведомстволук жактан караштуу мектепке чейинки балдар уюмуна баруу | күн | *Жалпы багыттагы ведомстволук жактан караштуу мектепке чейинки уюмдарда балдарды багуу.*<br>*Психикалык жактан жана дене жагынан нормадагыдай өнүккөн балдар үчүн.*<br>*Уюмдардын (спонсорлордун) дотациялары **эсепке алынбайт**.*<br>***1 күн үчүн** (келип жүргөн балдардын санына <u>карабастан</u>) туруктуу тариф көрсөтүлсүн**.*** |
| 10.1.0.0.316 | Муниципалдык жактан караштуу мектепке чейинки балдар уюмуна баруу | күн | *Жалпы багыттагы муниципалдык жактан караштуу мектепке чейинки уюмдарда балдарды багуу.*<br>*Психикалык жактан жана дене жагынан нормадагыдай өнүккөн балдар үчүн.*<br>*Уюмдардын (спонсорлордун) дотациялары **эсепке алынбайт**.*<br>***1 күн үчүн** (келип жүргөн балдардын санына <u>карабастан</u>) туруктуу тариф көрсөтүлсүн**.*** |
| **10.2** | **Орто билим берүү** | | |
| 10.2.0.0.317 | Атайын орто окуу жайларында окутуу | ай | *Жалпы орто билимдин негизинде кесиптик билим алуу менен лицейлерде, окуу жайларда, колледждерде, техникумдарда окутуу.*<br>*Бир окуучунун **1 ай** окутуусу үчүн тариф көрсөтүлсүн.*<br>*Жашоо орунуна кеткен чыгымдар жана кошумча сабактарды окутуу үчүн чыгымдар **эсепке алынбайт**.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **10.4** | **Жогорку билим берүү** | | |
| 10.4.0.0.318 | Жогорку окуу жайларында окутуу | ай | *Күндүзгү окутуу жана сырттан окутуу боюнча университетте, академияда, институтта жана башка жогорку окуу жайларда окутуу.*<br>*Бардык программалар, курстар жана бөлүмдөр боюнча окутуунун **1 айы үчүн** орточо тариф көрсөтүлсүн.* |
| **11.** | **Ресторандар жана мейманканалар** | | |
| **11.1** | **Коомдук тамактануу** | | |
| **11.1.1** | **Ресторан жана кафе** | | |
| 11.1.1.0.319 | Күндүз, заказ боюнча ресторанда түшкү тамактануу | 1 адамга | *Ресторан (жөнөкөй, арзан) жана кафе. Күндүз.*<br>***3 тамак-аштан турган түшкү тамактануу:***<br>*биринчиси - суп (шорпо),*<br>*экинчиси - эт (бефстроганов, бризоль, бифштекс),*<br>*үчүнчүсү - салат, жана эки кесим нан.*<br>*3 тамак-аштан турган түшкү тамактануунун баасы **1 адамга** көрсөтүлсүн.* |
| 11.1.1.0.320 | Чайканадагы чай | 1 чайнек | *Чайканада жана кафеде отуруп чай ичүү.*<br>*Кант, лимон, сүт жок.*<br>*Баасы **1 чайнек үчүн** (болжол менен 0,5 литр) көрсөтүлсүн.* |
| **11.1.2** | **Ашкана** | | |
| 11.1.2.0.321 | Ашканада, жеңил тамактануучу жайда түшкү тамактануу | 1 адамга | *Ашкана - тамактарды алдын ала даярдоо менен жана ар күнгө бирдиктүү меню бар, коомдук тамактануу ишкана.*<br>***3 тамак-аштан турган түшкү тамактануу**:*<br>*биринчиси - суп (шорпо, борщ, солянка, рассольник),*<br>*экинчиси — гарнир менен котлета, палоо, манты жана жашылчадан жасалган салат.*<br>*Кадимкидей порциялар.*<br>*Десерт жана суусундуктар **киргизилбейт**.*<br>*3 тамак-аштан турган түшкү тамактануунун баасы **1 адамга** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **11.2** | **Мейманканалык тейлөө** | | |
| 11.2.0.0.322 | Мейманканада жашоо | 1 адамга бир сутка үчүн | *Орто деңгээлдеги мейманканада ысык суусу бар стандарттуу, бир жана эки орундуу номер.*<br>*<u>Эртең мененки тамак тарифке кирбейт</u>.*<br>*Жеке адамдар үчүн (бизнес тариф эмес).*<br>*Бюджеттик мейманканалардан **башка**.*<br>***1 адамга бир сутка үчүн** тариф көрсөтүлсүн (түнөөлөрдүн саны - 1 түн).* |
| 11.2.0.0.323 | Санаторий, эс алуу үйү | күн | *<u>Санаторий</u> - көпчүлүк учурларда табигый (климат, минералдык суу, баткак) жана физиотерапевтикалык каражаттар, диета жана режим менен дарылоо үчүн багытталган дарылоо-алдын алуу мекеме.*<br>*1 адамга **бир күн үчүн** тариф көрсөтүлсүн (жолдомонун толук наркы күндөрдүн санына бөлүнөт).*<br>*Жолдомонун наркына тамактануу, жашоо, дарылоо (күн сайын өткөрүлгөн процедуралар) кирет.* |
| 11.2.0.0.324 | Туристтик барып-келүү | күн | *Толук туристтик пакет (<u>эс алууга барып-келүү</u>), буга транспорттук чыгымдар (эки тарапка тең авиабилеттин наркы, эгерде эс алганы үчүн чет өлкөгө барганда - аэропорттогу трансферт), жашоо, тамактануу, турагенттиктер аркылуу сатылган медициналык камсыздандыруу кирет.*<br>*Эгерде эс алганы үчүн чет өлкөгө барганда, анда чет өлкөлүк паспортту жана виза алууга кеткен чыгымдар **киргизилбейт**.*<br>*Ысык-Көлдө, Түркияда ж.б. өлкөлөрдө эс алуу.*<br>*"Күйүп бараткан жолдомолордон" **башка**.*<br>*1 адамга **бир күн үчүн** толук баасы көрсөтүлсүн (**жолдомонун наркы күндөрдүн санына бөлүнөт**).* |
| **12.** | **Ар түрдүү товарлар жана тейлөөлөр** | | |
| **12.1** | **Жеке тейлөө** | | |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **12.1.1** | **Чачтарач тейлөөсү жана жеке кызмат көрсөтүүчү мекемелердин тейлөөлөрү** | | |
| 12.1.1.0.325 | Аялдар залында моделдүү чач кыркуу | чач кыркуу | *Жөнөкөй чачтарачта моделдүү чач кыркуунун заманбап түрлөрү. Узун жана кыска чачтарды кыркуу. Чачты жуу, кыргатуу жана фен менен жасалгалоону кошкондо.*<br>*"Люкс" класстагы чачтарачтардан жана салондордон **башка**.*<br>***1 чач кыркуу үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.1.0.326 | Эркектер залында чач кыркуу | чач кыркуу | *Жөнөкөй чачтарачта кайчы менен эркектердин чачын кыркуу. Кыска чачтарды нымдап кыркуу. Чачты жуу жана фен менен жасалгалоону кошкондо.*<br>***1 чач кыркуу үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.1.0.327 | Мончонун жалпы пайдалануучу залында жууну | бир барып келүү | *Мончонун жалпы пайдалануучу залында жууну (суу менен буунун бир убакыттагы таасири менен денени жуу үчүн жабдылган жай.*<br>*Эс алуу күндөрдүн тарифтери эсепке алынбайт.*<br>***1 барып келүү үчүн** тариф көрсөтүлсүн.* |
| **12.1.3** | **Жеке пайдалануучу башка приборлор, буюмдар жана товарлар** | | |
| 12.1.3.0.328 | Шампунь | 150 мл | *Чачты кароо үчүн каражат. Нормадагыдай чач үчүн. Fructis GARNIER, Elseve L' OREAL , PANTENE Pro V өңдүү ж.б.*<br>*2 х 1 шампундан **башка** (эки бирде, шампунь + кондиционер, же + бальзам).*<br>*Баасы **150 мл үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.329 | Тиш пастасы | 75 мл | *Тиш пастасы – тишти тазалоо үчүн желе түрүндөгү масса (паста же гель). Чоң адамдар үчүн.*<br>*Агартуучу пасталардан жана өтө сезгич тиштер үчүн пасталардан **башка**. Тюбикте.*<br>*Баасы **75 мл үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 12.1.3.0.330 | Атыр самын | 200 гр. | *Атыр самын – жеке гигиена максаттары үчүн арналган самындын түрү (денени тазалоо жана кароо үчүн). Катуу, нормадагыдай дене үчүн.*<br>*Таңгакталган- кагазга оролгон же коробкада.*<br>*Бир-бирден сатылат.*<br>*CAMAY, FA, LUX, NIVEA, PALMOLIVE өңдүү самын, балдар үчүн самын ж.б.*<br>*Баасы **200 гр. үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.331 | Бетке сүйкөө үчүн крем | 150 мл | *Бетке сүйкөө үчүн арналган эмульсия түрүндөгү косметикалык каражат.*<br>*Нормадагыдай тери үчүн, күндүзгү крем.*<br>*Пластик банкага салынган.*<br>*NIVEA, GARNIER, "Черный жемчуг" өңдүү ж.б.*<br>*Баасы **150 мл үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.332 | Колго сүйкөө үчүн крем | 150 мл | *Колго сүйкөө үчүн арналган эмульсия түрүндөгү косметикалык каражат, жеңил жыты менен, күн сайын колдонулуучу (нымдаштыруучу, сиңирүүчү). Тюбикте.*<br>*Баасы **150 мл үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.333 | Атыр, атыр суу | даана | *Жыттуу заттардын спирт эритмеси түрүндөгү парфюмериялык жыттуу каражат. Духилерге салыштырганда жыты анча күчтүү эмес жана анча туруктуу эмес.*<br>*Көлөмү 50-100 мл. Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.334 | Дезодорант | даана | *Жагымсыз жыттарды башка жыттарга айландыруу, азайтуу же жок кылуу үчүн арналган косметикалык каражат.*<br>*Шариктүү жана роликтуу дезодоранттар жана антиперспиранттар (тердин пайда болушуна каршы заттар).*<br>*Көлөмү 40-60 мл. Эркектер жана аялдар үчүн. Fa, NIVEA, Rexona, Gillett өңдүү ж.б.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| 12.1.3.0.335 | Эрин үчүн помада | даана | *Эринди боё жана нымдаштыруу үчүн косметикалык каражат. Түрлөрү: нымдаштыруучу, туруктуу, күңүрт, жылтыратуучу, гигиеналык, көлөмдү чоңойткон, сиңирүүчү. Тюбикте (металл же пластик).*<br>*Карандаш-помададан, эрин үчүн жылтырак помададан **башка**.*<br>*Баасы **1 даана үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.336 | Сакалды же чачты алуу үчүн устара | 5-10 устарадан турган блок | *Устара - эреже катары, сакалды же чачты алуу үчүн аспаптын (станоктун) курчутулган жалпак бөлүгү.*<br>***5-10 устарадан турган блоктун** баасы көрсөтүлсүн.* |
| 12.1.3.0.387 | Даараткана кагазы | түрмөк | *Жөнөкөй сапаттуу, ак, бир кабаттуу, түрмөк менен.*<br>*Бир-бирден же 6-12 түрмөктөлүп сатылат.*<br>*Баасы **1 түрмөк үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| **12.3** | **Башка категорияларга киргизилбеген, жеке колдонулуучу буюмдар** | | |
| **12.3.1** | **Зергер буюмдар, колго тагуучу, чөнтөккө салуучу жана башка сааттар** | | |
| 12.3.1.0.337 | Алтын нике шакеги | 1 грамм | *583-585 үлгүдөгү алтындан жасалган жөнөкөй нике шакеги, кырдалган эмес. Ичи жана сырты дээрлик түз, текши, оймолору жок.*<br>*Баасы **1 грамм үчүн** көрсөтүлсүн.* |
| 12.3.1.0.338 | Механикалык кол сааты | даана | *Кезектеги убакытты аныктоо үчүн арналган, билеке тагуучу <u>механикалык</u> саат (энергиянын гиря түрүндөгү же серпилдүү булагын пайдаланган).*<br>*Эң жөнөкөй модель, куру менен.*<br>*Эркектер же аялдар үчүн.* |
| 12.3.1.0.339 | Кварц кол сааты | даана | *<u>Кварцтык</u> же <u>электр механикалык</u> сааттар (чайкалуу система катары кварцтын кристаллы колдонулат), билеке тагылат жана убакытты аныктоо үчүн пайдаланылат.*<br>*Эң жөнөкөй модель, суу кирбеген.*<br>*Кур же браслет.* |

| МЖКК боюнча код [1] | Бөлүмдүн, топтун, класстын, чакан класстын, товардын жана тейлөөнүн аталышы | Өлчөө бирдиги | Товардын жана тейлөөнүн спецификациясы |
|---|---|---|---|
| **12.3.2** | **Жеке колдонулуучу башка буюмдар** | | |
| 12.3.2.0.340 | Сейилдөө үчүн балдар коляскасы | даана | *Эң жөнөкөй модель, бүктөлмө. Рама алюминий же башка жеңил металлдан жасалган, олтургучу аралашма пахта кездемеден. Дүкөнгө баруу үчүн баштыкчасы бар, бекитилме кур, коопсуздукту камсыз кылуучу куру бар, капюшонду чоңойтсо же кичиртсе болот. Астыңкы дөңгөлөктүн блокировкасы бар, дөңгөлөктөр эки кабаттуу - сүзүлмө. Кол кармагычын бийик же төмөн кылса болот. Чыканактар үчүн таянычы жок. Арткы дөңгөлөктөр тормоз системасы менен жабдылган.* |
| 12.3.2.0.388 | Кол чатыр | даана | *Автоматтык кол чатыр, бүгүүнүн эки механизми бар (кол кармагычын эсептегенде, бүгүлгөндө болжол менен 40 см). Материал - синтетика, шиштер - никель, кол кармагычы - пластик. Бир түстүү. Кабы менен.* |
| **12.7** | **Башка категорияларга киргизилбеген бөлөк тейлөөлөр** | | |
| 12.7.0.0.341 | Нотариалдык конторада менчиктүү мүлкүн алып коюу келишимдерди күбөлөндүрүү | тейлөө | ***Жеке менчик*** *юридикалык консультацияларда, нотариалдык конторааларда көрсөтүлүүчү тейлөө - менчиктүү мүлкүн (буюмду, укукту) алып коюу келишимдерди күбөлөндүрүү (буюмдарды башка адамдын менчигине берүү). Үйгө барып, тейлөө көрсөтүүдөн* ***башка****.* |
| 12.7.0.0.342 | Нотариалдык конторада менчиктүү мүлктү белекке берүүнү күбөлөндүрүү | тейлөө | ***Жеке менчик*** *юридикалык консультацияларда, нотариалдык контораларда көрсөтүлүүчү тейлөө - менчиктүү мүлктү белекке берүүнү күбөлөндүрүү (бир адам экинчи адамга мүлктү акысыз берүү боюнча эки тараптуу келишим). Үйгө барып, тейлөө көрсөтүүдөн* ***башка****.* |
| 12.7.0.0.343 | Мүрзөнү кол менен казуу | тейлөө | *Мүрзөнү кол менен казуу жана жерге көмүү. Европалык жана мусулман көрүстөнү.* |

[1] Максаттар боюнча жеке керектөөнү классификациялоо (Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун 2001-ж. 18-декабрындагы №80-токтом).

**№ 1-тиркеме**

## Негизги аныктамалар жана түшүнүктөр

*Тандалма жыйынды* - саны чектелген байкоолордун жыйындысы, ал өкүл түрүндө (репрезентативдик), толук болуп, башкы жыйындынын (бардык байкоолордун жыйынсынын) сапаттарын жана пропорцияларын так чагылдырышы керек.

*Базалык ишканалар* - керектөө баалары жана тарифтери туруктуу каттоодон өтүп турган, соода жана тейлөө чөйрөсүнүн репрезентативдик түрдө тандалган ишканалар.

*Соода түйүнү* - тейлөө чөйрөсүнүн мекемеси, же болбосо, коммерциялык ишмердикке байланышы жок керектөөчүлөргө товарлар сатылып жаткан же/жана тейлөөлөр көрсөтүлүп турган башка жай.

*Керектөө товарлары* - үй чарбалар тарабынан өзүнүн жеке керектөөлөрүн же муктаждыктарын канааттандыруу үчүн түздөн-түз пайдаланып жаткан товарлар жана тейлөөлөр.

*Өкүл-товар* - товардык топтун ичинен аныкталган товардын бир түрүнүн жыйындысы, алар бир-биринен бир аз эле өзгөчөлүктөр (бөлүктөр) менен айырмаланышы мүмкүн, бирок, бул өзгөчөлүктөр сапатына жана негизги керектөө мүнөздөмөлөрүнө таасир тийгизбей, өзүнүн керектөө багыты боюнча бирдей болушу керек.

*Спецификация* - бааларды каттоо үчүн тандалган айрым товарды (тейлөөнү) идентификациялоо үчүн пайдаланылган мүнөздөмөлөрдүн сүрөттөлүшү же тизмеси.

*Баа (тариф)* - товардын бир саны үчүн, товардын (тейлөөнүн) наркын улуттук валютанын бирдиги менен акчалай чагылдыруу.

*Керектөө (чекене) баа (тариф)* - стационардык соода ишканаларында жана көчүп жүрүү соода түйүндөрүндө (күркө, чатыр ж.б.), ошондой эле базарларда, тейлөө чөйрөсүндө эркин сатылып жаткан товарлардын жана тейлөөлөрдүн иш жүзүндөгү баа же тариф. Баа же тариф - керектөөнүн акыркы баасы, алар өзүнө кошумча нарк салыгын, акцизди, сатуудан алынган сатыкты жана башка кыйыр салыктарды, ошондой эле соода ишканаларынын чыгымдарын жана кирешелерин камтыйт.

*Баалык котировка* - аныкталган бир соода уюмунда катталган жана конкреттүү керектөө сапатына (аталышына, өндүрүүчүгө, мүнөздүү өзгөчөлүктөргө) ээ болгон товардын баасы.

*Салыштырмалуу баа (тариф)* - бир эле соода уюмунда (тейлөө чөйрөсүндө) жана бир эле товарга (тейлөөгө) катталган баа (тариф).

*Базистик баа* - салыштырууну жүргүзүп жаткан баа.

*Шарттуу түрдө эсептелген баа* - сапаты жөнүндө маалыматтар жок товарга баа берүү, анткени конкреттүү мезгилдин ичинде бул маалыматтар катталган эмес.

*Бааларды (тарифтерди) каттоо* - керектөө бааларына байкоо жүргүзүү үчүн тандалып алынган ишканаларда түзүлгөн өкүл-товарлардын (тейлөөлөрдүн) топторуна кирген товарлардын (тейлөөлөрдүн) баалары жөнүндө маалыматтарды чогултуу ыкмасы.

*Баанын «таза» өзгөрүүсү* - сапатынын кандайдыр-бир өзгөрүүсүнө байланышпаган товардын (тейлөөнүн) баасынын (тарифинин) өзгөрүүсү.